КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

# 2023-2024-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНА КАРАТА СОЦИАЛДЫК КОНТРАКТТЫН НЕГИЗИНДЕ СОЦИАЛДЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮГӨ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН НАТЫЙЖАЛУУЛУК АУДИТИНИН ОТЧЕТУ

**Бишкек 2026**

# МАЗМУНУ

**1. ЖАЛПЫЛОО** ..... 3

**1.1. Аудиттин темасы жөнүндө кыскача маалымат** ..... 3

**1.2. Аудиттин жалпы максаты** ..... 4

**1.3. Аудиттин байкоолору жана жалпы корутунду** ..... 4

**1.4. Жалпы сунуштар** ..... 5

**2. КИРИШҮҮ** ..... 7

**2.1. Маселе боюнча жалпы кырдаал** ..... 7

**2.2. Изилденип жаткан объекттин сүрөттөлүшү** ..... 7

**2.3. Программаны каржылоо** ..... 8

**3.1. Аудиттин максаты** ..... 9

**3.2. Аудитти тандоонун себептери** ..... 9

**3.3. Аудиттин суроолору** ..... 9

**3.4. Аудиттин камтуусу** ..... 10

**3.5. Аудит критерийлери** ..... 10

**3.6. Аудиттин методдору жана ыкмасы** ..... 11

**3.7. Маалымат булактары** ..... 12

**3.8. Маалыматтардын чектөөлөрү** ..... 12

**4. БАЙКООЛОР** ..... 12

**4.1. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн ченемдик укуктук базасын жана стратегиялык документтерге шайкештигин баалоо** ..... 12

**4.2. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн натыйжаларын баалоо** ..... 16

**4.3. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн механизмдерин баалоо** ..... 26

**4.4. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды пайдаланууну талдоо** ..... 37

**5. КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР** ..... 39

**5.1. Корутундулар** ..... 39

**5.2. Сунуштамалар** ..... 39

## 1. ЖАЛПЫЛОО

### 1.1. Аудиттин темасы жөнүндө кыскача маалымат

Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам (мындан ары-социалдык контракт) аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү киреше алып келүүчү туруктуу булактарды түзүү жана иш менен камсыз кылууга дем берүү аркылуу, колдоого багытталган мамлекеттик социалдык саясаттын негизги чараларынын бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында аялуу жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү колдоо үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган социалдык контракттын механизмдерин киргизүү каралган. Социалдык контракт аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөрдү оор турмуштук кырдаалды жеңип чыгуу боюнча активдүү аракеттерге шыктандырууга, алардын эмгек потенциалын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө багытталган. Ошондой эле алар үчүн кошумча жумуш орундарын түзүү же өз алдынча иш менен камсыз болуу үчүн шарттарды түзүү процессине ишкерлерди тартууга багытталган социалдык контракттын механизмдерин киргизүү каралган.

Кыргыз Республикасынын «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген «Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү тартиби жөнүндө» жобого ылайык, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө материалдык жардам көрсөтүү шарттары жана механизми белгиленген, ошондой эле, социалдык контракттын негизинде өз алдынча иштөө мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн.

Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам программасы 2022-жылдан бери ишке ашырылып келет. Социалдык контракт өз бизнесин ачуу, көмөкчү чарбаны өнүктүрүү жана жумуш үчүн жабдууларды менен шаймандарды сатып алуу үчүн бир жолку каржылык жардамды камсыз кылып, 3 жылга түзүлөт. 2022-жылдан тартып 2024-жылга чейин бир үй-бүлөгө социалдык контракттын негизиндеги социалдык жардамдын суммасы 100,0 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-мартындагы №164 токтомуна ылайык, 2025-жылдан тартып бир жолку мамлекеттик колдоонун суммасы мурдагы 100 000 сомдон 150 000 сомго чейин көтөрүлгөн.

Социалдык контракт программасы мамлекет менен аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн ортосундагы өз ара милдеттенмелерди камтыган, жумуш менен камсыздоону колдоого багытталган активдүү чара болуп саналат.

**Программанын негизги механизми төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- киречесин жогорулатууга потенциалы бар үй-бүлөлөрдү аныктоо жана тандоо;
- программаны жана /же бизнес-планды иштеп чыгуу жана бекитүү;
- социалдык контракты түзүү;
- мамлекеттик каржылык колдоону көрсөтүү;
- үй-бүлөгө колдоо көрсөтүү;
- берилген милдеттенмелердин аткарылышын көзөмөлдөө;
- натыйжаларды көзөмөлдөө жана баалоо.

**1.2. Аудиттин жалпы максаты**

- Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн ченемдик укуктук базасын жана стратегиялык документтерге шайкештигин баалоо;
- Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн натыйжаларын баалоо;
- Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн механизмдерин баалоо;
- Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды пайдаланууну талдоо.

**1.3. Аудиттин байкоолору жана жалпы корутунду**

Аудит, социалдык контракт программасынын үй-бүлөлөрдүн социалдык жөлөкпулдарга көз карандылыгын азайтууга мүмкүндүк берген, жогорку социалдык мааниге ээ, активдүү чара экендигин белгилейт.

Социалдык контракт программасынын негизги жөнгө салуучу укуктук актылары жана ишке ашыруу механизмдери белгиленген. Ошол эле учурда, баалоо системасы негизинен көрсөтүлгөн жардамдын көлөмүн жана камтылган үй-бүлөлөрдүн санын өлчөөгө басым жасайт. Ал эми үй-бүлөлөрдүн кирешесиндеги узак мөөнөттүү өзгөрүүлөрдү, түзүлгөн ишкердиктин туруктуулугун, үй-бүлөлөрдүн социалдык жардамга көз карандылыктан чыгуусун жана программанын жалпы натыйжалуулугун баалоо үчүн, тиешелүү методологиялык ыкмаларды иштеп чыгуу талап кылынат.

Социалдык контрактка катышкан 16 райондогу 790 үй-бүлөнүн кирешесине жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, үй-бүлөлөрдүн 98% жан башына туура келген орточо киреше жашоо минимумунун деңгээлинен төмөн экендиги аныкталды. Ал эми үй-бүлөлөрдүн 36% орточо айлык кирешеси контрактка чейин алып жүргөн “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулунун өлчөмүнөн төмөн экени аныкталган.

Социалдык контракт үй-бүлөлөргө өз алдынча ишкердикти баштоого жана кошумча киреше булагын түзүүгө мүмкүнчүлүк берүүдө. Бирок, катышуучулардын олуттуу бөлүгүндө кирешелер акырындык менен өсүп,

социалдык жөлөкпул алуу чегинен жогорулаганы менен, жашоо деңгээлин туруктуу жакшыртуу үчүн жетишсиз бойдон калууда.

790 сурамжыланган катышуучунун бизнес-долбоорлордун болжол менен 21% активдери иш менен камсыз кылууга жана киреше алып келүүгө эмес, үй-бүлөнүн учурдагы жеке керектөөлөрүн камсыз кылууга багытталган.

**Аудит, социалдык контракт программасынын узак мөөнөттүү натыйжалуулугун төмөндөтүп жаткан төмөнкү системалык тоскоолдуктарды аныктады:**

1. Социалдык контракт программасынын укуктук жана методологиялык базасы иштелип чыккан, бирок программанын натыйжалуулугун көзөмөлдөө жана баалоо механизмдери толук иштелип чыга элек;
2. “Социалдык контракт” маалыматтык система модулу ишке киргизилген эмес жана маалыматтык системалар интеграцияланган эмес;
3. Программаны ишке ашыруу системасындагы кемчиликтер, бизнес - пландарды формалдуу түрдө даярдоодо комиссиялар тарабынан аларды баалоонун методологиясынын жоктугу, рыноктук кырдаалга жетиштүү талдоо жүргүзүлбөгөндүгү;
4. Катышуучуларга консультациялык, маалыматтык жана ментордук колдоо көрсөтүү механизмдери чектелүү болгондуктан, программанын күтүлгөн социалдык-экономикалык натыйжаларына жетүүдө олуттуу тобокелдиктер сакталууда.

Ишмердүүлүктүн түрлөрүнө жараша натыйжалуулукта айырмачылыктар байкалат:

- мал чарбачылыгы багытын тандаган катышуучуларда малдын саны 2 эсеге көбөйгөн;
- тигүүчүлүк менен алектенген катышуучулар болсо буйрутмалардын көлөмүнүн чектелүүсүнө, рынокко чыгуу мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишсиздигине жана жабдууларга байланышкан көйгөйлөргө туш болуп, алардын кирешелери салыштырмалуу жай өсүүдө.

Аныкталган фактылар социалдык контракт механизми катышуучулардын экономикалык активдүүлүгүн жогорулатууга жана өндүрүштүк активдерди түзүүгө өбөлгө түзгөнүн көрсөтөт.

Ошол эле учурда, программанын негизги максаты болуп саналган жакырчылыктан туруктуу чыгуу толук камсыздалган эмес.

**1.4. Жалпы сунуштар**

1. Социалдык контракт программасынын натыйжалуулугун жогорулатуу, анын ичинде жакырчылыктан чыгуу деңгээлин баалоонун так индикаторлорун, мониторинг жана баалоо механизмдерин киргизүү, каржылоо жана жөлөкпул берүү шарттарын өркүндөтүү.
2. Социалдык контракттарды тандоо жана бөлүштүрүү механизмдеринин ачык-айкындуулугун жана даректүүлүгүн камсыз кылуу,

муктаж үй-бүлөлөрдү аныктоонун санариптик инструменттерин киргизүү жана квоталарды аныктоо механизмин өркүндөтүү.

3. Программанын катышуучуларын комплекстүү коштоо жана колдоо системасын күчөтүү, анын ичинде бизнес-пландоо, окутуу, ишкердик, салыктык каттоо жана долбоорлорду өнүктүрүү боюнча консультациялык жардам көрсөтүү.

4. Социалдык контракт боюнча каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышына мониторингди жана контролду күчөтүү, анын ичинде жеринде мониторинг жүргүзүүнү жана жооптуу кызматкерлердин ишин талаптарга ылайык уюштурууну камсыз кылуу.

5. Катышуучуларды коштоонун институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү, райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын кызматкерлеринин иш жүгүн оптималдаштыруу жана жеринде мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу.

6. “Социалдык контракт” модулун ишке киргизүү жана Социалдык контракт программасын толук санариптештирүүнү тездетүү, маалыматтык системаларды интеграциялоо, кагазсыз арыз берүү, автоматташтырылган мониторинг жана тобокелдиктерди баалоо механизмдерин, анын ичинде жасалма интеллект инструменттерин киргизүү.

7. Социалдык контракттын катышуучуларын ведомстволор аралык коштоо механизмин түзүү, салыктык, ветеринардык, консультациялык жана башка кызматтарды координациялоо, ошондой эле ишкердикти өнүктүрүүгө жана катышуучулардын туруктуу киреше табуусуна шарт түзүү.

8. Программанын экономикалык туруктуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү, анын ичинде каржылоону бизнес багытына жараша дифференциациялоо, чакан долбоорлорду бириктирүү, жөнөкөйлөштүрүлгөн салыктык шарттарды кароо жана айыл чарба багытындагы долбоорлорду колдоо механизмдерин өркүндөтүү.

## 2. КИРИШҮҮ

### 2.1. Маселе боюнча жалпы кырдаал

Социалдык контракт программасынын максаты - үй-бүлөлөргө турмуштук оор кырдаалды жеңип чыгуу боюнча активдүү иш-аракеттерге дем берүү, социалдык коргоо системасынан жетиштүү көз карандысыздыкка ээ болуу жана коомдун жашоосуна толук катышуу максатында үй-бүлөлөргө жашоо деңгээлин жогорулатууга түрткү берүү, үй-бүлөлөрдүн эркин эмгектик жана мүлктүк потенциалын коомдук пайдалуу ишке тартуу, үй-бүлөлөрдүн социалдык жоопкерчилигин жогорулатуу жана алардын жүрүм-турумундагы бирөөнүн багуусунда болуу жүйөсүн азайтуу, чакан ишкердикти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, жаңы жумуш орундарын түзүүгө дем берүү.

Социалдык контракттын алкагында жарандарга өздөрү тандаган багыт боюнча мамлекеттик колдоо көрсөтүлөт. Негизги багыттарга жеке ишкердикти баштоо же өнүктүрүү, айыл чарба жана мал чарбачылыгы менен алектенүү, кызмат көрсөтүү тармагын өнүктүрүү, ошондой эле үй-бүлөнүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган башка киреше алып келүүчү ишмердүүлүктөр кирет.

Социалдык контракт 3 жылга түзүлүп, анын ичинде алуучу өзүнүн бизнес-долбоорун же киреше алып келүүчү демилгесин ишке ашырууга милдеттенет.

Социалдык контракттын катышуучусу болгон «Үй-бүлөгө көмөк» алуучуларга жөлөкпул төлөө, социалдык контракт түзүлгөн айдан кийинки 3 ай аяктагандан кийин токтотулат жана кийинки 3 жылдын ичинде чектелет.

*1-таблица: “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун алуучулардын саны, 2023-2025-жылдар*

| Жылы | УБК алган үй-бүлөлөрдүн саны | УБК алган балдардын саны |
|---|---|---|
| 2023-жылдын 1-январына карата | 102 934 | 339 133 |
| 2024-жылдын 1-январына карата | 83 204 | 283 081 |
| 2025-жылдын 1-январына карата | 61 813 | 218 273 |
| 2026-жылдын 1-январына карата | 45 039 | 163 592 |

Социалдык контракттарды ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жүргүзүлөт. Катышуучуларды тандоо үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалын баалоонун негизинде жүргүзүлөт.

Социалдык контрактты ишке ашырууда бизнес-планды даярдоо, долбоорду коштоо жана анын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү органдар катышышат.

### 2.2. Изилденип жаткан объекттин сүрөттөлүшү

Социалдык контракт программасы Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо министрлиги (мындан ары – Министрлик) тарабынан ишке ашырылат.

Министрликтин максаты - эмгек, жумуш менен камсыз кылуу, социалдык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, ошондой эле жарандардын аялуу категорияларына, анын ичинде оор турмуштук кырдаалдагы үй-бүлөлөргө жана балдарга, үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктарына, улгайган жарандарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга социалдык кызматтарды көрсөтүү.

Министрликтин негизги милдеттери:

- эмгек, жумуш менен камсыз кылуу, үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык жактан коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жана мамлекеттик программаларды ишке ашыруу;
- эмгек мамилелерин жана эмгек акы төлөө системаларын өнүктүрүү;
- жумушсуз жарандарды жумуш менен камсыз кылууну жогорулатууга жана колдоого көмөктөшүү;
- мамлекеттик жөлөкпулдар, компенсациялар жана социалдык колдоо системасын иштеп чыгуу;
- гендердик теңчиликти камсыз кылуу;
- калктын аялуу топтору үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча мамлекеттик органдардын ишин координациялоо.

Социалдык контракт программасынын ишке ашырууда Министрлик, жергиликтүү бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, аймактык социалдык өнүктүрүү департаменттери, катышуучуларды тандоо комитеттери катышышат.

### 2.3. Программаны каржылоо

2022-жылдан тартып 2025-жылга чейин жалпысынан 5 221 812,5 миң сом республикалык бюджеттин эсебинен каржыланган. Анын ичинде:

2022-жылы – 279 900,0 миң сом, 2 800 үй-бүлө;

2023-жылы – 1 000 000,0 миң сом, 10 000 үй-бүлө;

2024-жылы – 1 942 512,5 миң сом, 19 426 үй-бүлө; ага кошумча 3 000 үй-бүлө Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган;

2025- жылы - 1 999 400,0 миң сом, 13 331 үй-бүлө каржыланган.

*1-диаграмма*



**Аудит мезгили:** 2023-2024-жылдар.

## 3. АУДИТТИН ЧӨЙРӨСҮ ЖАНА ЫКМАСЫ

### 3.1. Аудиттин максаты

Аудиттин максаты - 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыктарына карата аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү колдоого бөлүнгөн социалдык контрактын негизинде, социалдык жардамга багытталган иш аракеттеринин натыйжалуулугун баалоо болуп саналат. Анын ичинде:

- Программага бөлүнгөн каражаттардын рационалдуу сарпталышы жана коюлган максаттарга жетүү деңгээлин баалоо;
- Үй-бүлөлөрдүн программага катышкандан кийин кирешесинин туруктуу өсүшүн жана жашоо деңгээлинин жакшырышын баалоо;
- Программаны ишке ашыруу механизмдеринин натыйжалуулугун баалоо.

### 3.2. Аудитти тандоонун себептери

2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүктүрүү стратегиясында эмгек жана карылык саясатындагы артыкчылыктуу милдеттердин бири - жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон мамлекеттик жөлөкпул алуучулары менен социалдык контракт системасын ишке ашыруу каралган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кесиптик билим берүү менен координацияланган жумуштуулукка көмөктөшүү боюнча чаралардын комплекси жакырчылыкты азайтууга натыйжалуураак таасир этүүгө мүмкүндүк берет, деп белгиленген.

2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук программасына ылайык, калктын аз камсыз болгон катмарларына микрокредиттик каржылоону бөлүштүрүү жана жабдууларды лизингге берүү аркылуу колдоо максатында, тиешелүү аймактарды кластердик өнүктүрүү менен тыгыз байланышта социалдык контракт механизмин киргизүү каралган.

Бул тема боюнча аудит жүргүзүүнүн себеби, социалдык камсыздоо багытында Кыргыз Республикасынын стратегиялык документтеринде белгиленген стратегиялык максаттарга жетүү деңгээлин аныктоо жана социалдык контракттын негизинде социалдык жардам программасынын алкагында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө мамлекеттик колдоо көрсөтүүнү ишке ашыруунун жана бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берүү.

### 3.3. Аудиттин суроолору

- Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам программасын ишке ашырууну жөнгө салуучу программалар, пландар, механизмдер жана жоболор жетишээрлик деңгээлде иштелип чыкканбы?
- Социалдык контракт программасын ишке ашыруу механизмдери натыйжалуубу?

- Социалдык контракт программасы максаттарына жеткенби жана катышуучулардын кирешелеринин өсүшүнө канчалык деңгээлде таасир этти?
- Республикалык бюджеттин каражаттарын колдонуу мыйзамдуу жүргүзүлгөнбү?

**3.4. Аудиттин камтуусу**

Аудит, Министрликтин борбордук аппаратын жана 16 райондук башкармалыктарын, тандалып алынган социалдык контрактка катышкан 790 үй-бүлөнү камтыйт.

Аудиттин алкагында Ош облусунун Ноокат, Кара-Суу жана Өзгөн райондору; Жалал-Абад облусунун Аксы, Сузак жана Базар-Коргон райондору; Баткен облусунун Баткен шаары жана Кадамжай району; Ысык-Көл облусунун Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондору; Нарын облусунун Ат-Башы району жана Нарын шаары; Талас облусунун Айтматов жана Талас райондору; Чүй облусунун Сокулук, Москва жана Аламүдүн райондору, ошондой эле Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Ленин райондору камтылган.

Жалпысынан Ош облусу боюнча — 3 райондук башкармалык, 2 шаар, 6 айыл өкмөтү, жалпы 11. Жалал-Абад облусу боюнча — 3 райондук башкармалык, 2 шаар, 4 айыл өкмөтү, жалпы 9. Баткен облусу боюнча — 2 райондук башкармалык, 2 шаар, 2 айыл өкмөтү, жалпы 6. Ысык-Көл облусу боюнча — 1 райондук башкармалык, 2 айыл өкмөтү, жалпы 3. Нарын облусу боюнча — 2 райондук башкармалык, 1 шаар, 2 айыл өкмөтү, жалпы 5. Талас облусу боюнча — 1 райондук башкармалык, 2 айыл өкмөтү, жалпы 3. Чүй облусу боюнча — 3 райондук башкармалык, 1 шаар, 6 айыл өкмөтү, жалпы 10. Бишкек шаары боюнча — 2 райондук башкармалык, 1 шаар, жалпы 3. Жалпы 17 райондук башкармалык, 9 шаар жана 24 айыл өкмөтү камтылды.

Облустардан социалдык контрактка катышуучулардын эң көп саны боюнча 2–3 район, ал эми ар бир райондон 2-3 айыл өкмөтү же шаарлар тандалып алынды. Тандалган райондордогу жана айыл өкмөтү же шаарлардагы катышуучулардын жалпы санынан 2 пайызды түзгөн саны бекитилип, жеринде сурамжылоого катышуучулар аныкталды.

**3.5. Аудит критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүктүрүү стратегиясы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук программасы;
- 2015-жылдын 3-августундагы № 214 “Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 2017-жылдын 28-июлундагы № 163 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген, “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген, “16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) “үй-бүлөгө көмөк” - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө” жобо;

- “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын алдындагы Социалдык маселелер боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо” (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-майындагы № 264 токтомуна тиркеме).

**3.6. Аудиттин методдору жана ыкмасы**

**Аудит ыкмасы**

Системага жана натыйжага багытталган аудит.

**Аудиттин методдору**

Социалдык контракт программасын ишке ашырууда даярдалган документтерди изилдөө жана кызмат адамдары менен маектешүүлөр жүргүзүлдү.

Ошондой эле, аудит учурунда 790 катышуучуга сурамжылоо жүргүзүлдү жана алардын өздүк делолору каралды. Аудит 7 областтан 15 районду, 32 айылдарды жана шаарларды жана Бишкек шаарынын 2 районун камтыйт.

**Социалдык контракттын катышуучуларынын таза кирешесин эсептөө методологиясы**

Социалдык контрактка катышуунун жана бизнес-пландарды ишке ашыруунун натыйжаларын аудит жүргүзүүнүн алкагында бир үй-бүлө мүчөсүнө айына эсептелген үй-бүлөнүн таза кирешесинин көрсөткүчү эсептелди.

Көрсөткүчтү эсептөө программанын катышуучулары тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоонун жүрүшүндө берилген маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү. Эсептик мезгил катары сурамжылоо жүргүзүлгөн күнгө чейинки акыркы 12 ай алынды.

Таза киреше тиешелүү эсептик мезгилдеги үй-бүлөнүн жалпы кирешеси менен үй-бүлөнүн жалпы чыгымдарынын ортосундагы айырма катары аныкталды. Алынган сумма 12 айга жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн санына бөлүндү.

Эсептөө төмөнкү формула боюнча жүргүзүлдү:

*Айына бир үй-бүлө мүчөсүнө туура келген таза киреше = (Акыркы 12 айдагы үй-бүлөнүн жалпы кирешеси – акыркы 12 айдагы үй-бүлөнүн жалпы чыгымдары) / 12 / үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны.*

Аталган көрсөткүч катышуучулардын карамагында калган кирешесинин деңгээлин баалоо жана Социалдык контракттын алкагында программага катышуунун жана каралган бизнес-пландарды ишке ашыруунун натыйжасында алардын материалдык абалындагы өзгөрүүлөрдү талдоо үчүн пайдаланылды.

Натыйжаларды чечмелөөдө киреше жана чыгаша көрсөткүчтөрү катышуучулар тарабынан сурамжылоо учурунда көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде түзүлгөнүн жана бардык учурларда баштапкы документтер менен тастыкталбаганын эске алуу зарыл. Ушуга байланыштуу эсептелген көрсөткүчтөр үй чарбаларынын өздөрү билдирген киреше жана чыгаша деңгээлин чагылдырат.

### 3.7. Маалымат булактары

- Министрликтин финансылык башкаруунун маалыматтык системасынын маалыматтары;
- Министрликтин социалдык контракттын негизинде көрсөтүлгөн мамлекеттик социалдык жардамга байланыштуу отчёттору, документтери, маалыматтары;
- Сурамжылоонун жыйынтыктары;
- Интервью, комиссиянын протоколдору, ички документтер.

### 3.8. Маалыматтардын чектөөлөрү

Изилдөөдө негизги чектөө катары, социалдык контракт программасынын катышуучулары боюнча жалпыланган маалыматтын электрондук форматта жеткиликтүү эместиги белгиленди. Ошондой эле программанын узак мөөнөттүү натыйжаларын баалоо үчүн, маалыматтардын жетишсиздиги жана аймактар боюнча маалыматтарды салыштыруудагы чектөөлөр кездешти.

## 4. БАЙКООЛОР

### 4.1. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн ченемдик укуктук базасын жана стратегиялык документтерге шайкештигин баалоо

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ № 221 Жарлыгы менен бекитилген, 2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүктүрүү стратегиясында эмгек жана карылык саясатындагы артыкчылыктуу милдеттердин бири - жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон мамлекеттик жөлөкпул алуучулары менен социалдык контракт системасын ишке ашыруу каралган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кесиптик билим берүү менен координацияланган жумуштуулукка көмөктөшүү боюнча чаралардын комплекси жакырчылыкты азайтууга эффективдүү таасир этүүгө мүмкүндүк берет деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасына ылайык, калктын аз камсыз болгон катмарларын микрокредиттик каржылоону бөлүштүрүү жана жабдууларды лизингге берүү аркылуу колдоо максатында тиешелүү аймактарды кластердик өнүктүрүү менен тыгыз байланышта социалдык контракт механизмин киргизүү каралган.

Министрликтин микрокредиттөө жана лизинг берүүчү катары иш алып барууга укуктук негизинин жоктугу жана жакыр, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн төлөө жөндөмдүүлүгүнүн төмөндүгүнө байланыштуу, төлөмдөрдүн кайтарылбай калуу тобокелдиктерин эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы №385 токтомунун негизинде социалдык контракттын каражаттарын кайтарымсыз негизде берүү механизми киргизилген.

Кыргыз Республикасында «Социалдык келишим» программасын пландоо жана ишке ашыруу, төмөнкү негизги мыйзамдуу жана ченемдик актылар менен жөнгө салынат:

- 2015-жылдын 3-августундагы № 214 "Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы
- 2017-жылдын 28-июлундагы № 163 "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 2024-жылдын 9-декабрындагы № 198 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 2016-жылдын 16-майындагы №59 Кыргыз Республикасынын Бюджет кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 «2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү стратегиясы жөнүндө» Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы ПЖ № 435 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" Жарлыгы;[1]
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы № 178 "2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-октябрындагы № 349 «Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартиби жөнүндө» Жарлыгы (мындан ары – № 349 Жарлык);
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" токтому;

[1] Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы № 178 "2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" Жарлыгына ылайык күчүн жоготкон.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 21-апрелиндеги № 273-т (Социалдык контракттын негизинде социалдык жардамдын катышуучуларына пайызсыз кредит берүү программасын бекитүү) тескемеси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2023-жылдын 7-июлундагы № 102[2] жана 2025-жылдын 24-октябрындагы № 292 «Социалдык келишим негизинде социалдык жардам көрсөтүү боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» буйруктары (мындан ары – Методикалык көрсөтмөлөр).

2022-жылдын 10-октябрындагы ПЖ № 349 Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартибине ылайык, мамлекеттик программа конкреттүү максаттарды, натыйжалуулуктун конкреттүү өлчөнгөн индикаторлорунда көрүнгөн, аларды жүзөгө ашыруудан күтүлүүчү натыйжаларды камтууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамында «Социалдык контрактка негизделген социалдык жардам» деген аталыштагы 12[1]-берене киргизилген. Социалдык контракт эмгекти илгерилетүүнүн активдүү чараларынын бири катары аныкталып, жардам алуу толугу менен ыктыярдуу экендиги белгиленген. Мыйзам социалдык контрактты аз камсыз болгон үй-бүлө менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жергиликтүү бөлүмүнүн ортосундагы өз ара милдеттер боюнча макулдашуу катары мыйзамдык аныктаманы киргизет.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" мыйзамынын 91-беренесине ылайык, социалдык контракттын алкагында ишкердик, айыл чарба жана жеке көмөкчү чарбадан түшкөн кирешелер социалдык контракт түзүлгөн айдан кийинки 3 айдын ичинде үй-бүлөнүн жыйынды кирешесин аныктоодо эсепке алынбайт. Социалдык контракттын катышуучусу болгон «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун алуучуларга жөлөкпул төлөө социалдык контракт түзүлгөн айдан кийинки 3 ай аяктагандан кийин токтотулат жана кийинки 3 жылдын ичинде чектелет.

Социалдык контракт активдүү социалдык чара катары үй-бүлөнүн туруктуу киреше булагын түзүүгө багытталган. Үй-бүлөнүн кирешесинин ырасталган, туруктуу өсүшү болбосо, үч айлык мөөнөт аяктады деген негизде социалдык колдоону токтотуу үй-бүлөнүн каржылык абалынын убактылуу начарлашына алып келиши мүмкүн жана активдүү социалдык саясат чараларынын натыйжалуулугун төмөндөтөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, “Социалдык контракттын

[2] Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 24-октябры № 292 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү боюнча Методикалык көрсөтмөнү бекитүү тууралуу" буйругуна ылайык күчүн жоготкон.

негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" жобо (мындан ары – Жобо) жардам көрсөтүүнүн негизги тартибин белгилегени менен, программасын жөнгө салуучу жана методологиялык алкакта төмөнкүлөр толук камтылбагандыгы белгиленди:

- Катышуучулардын натыйжаларынын узак мөөнөттүү туруктуулугун баалоочу көрсөткүчтөр (индикатор) каралган эмес. Мисалы, бизнес-долбоорлордун 3 жылдын ичинде ишмердүүлүгүн улантуусу, үй-бүлөнүн жан башына туура келген орточо кирешенин өсүшү жана социалдык жардам ("Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулу) алуу үчүн кайра кайрылуулардын жоктугу сыяктуу көрсөткүчтөр белгиленген эмес.
- Бизнес долбоорлорду бекитүүдөн мурун, белгилүү бир аймактын рыногунун муктаждыктарын баалоо боюнча жөнгө салуучу талап жок. Натыйжада, окшош долбоорлордун топтолушу жана экономикалык шарттардан көз карандылык жогорку деңгээлде болуу тобокелдиги бар.
- Методикалык көрсөтмөдө бизнес-планды даярдоо жана сунуштоо талаптары белгиленген, бирок аны баалоонун бирдиктүү критерийлерин, экономикалык негиздемеге коюлуучу минималдуу талаптарды жана күтүлгөн кирешени эсептөө методикасы белгиленген эмес.
- Жободо белгиленген үй-бүлөнүн эмгек, мүлктүк потенциалынын баалоо критерийлери жана деталдуу методикасы белгиленген эмес.
- Жобого ылайык Социалдык контракт түзүү үчүн үй-бүлөлөрдү тандоону жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын алдындагы Комиссия (мындан ары - Комиссия) жүзөгө ашырат. Ал эми Комиссия бизнес-пландарды экономикалык жактан баалоо боюнча (айрыкча кайра иштетүү жана кызмат көрсөтүү тармагында) дайыма эле тиешелүү компетенцияларга ээ боло бербейт.
- Методикалык көрсөтмөдө бизнес-план ишке киргизилип, бирок ийгиликтүү ишке ашпай калган учурда калыбына келтирүү механизмдери (ийгиликсиз демилгелерди кайра түзүү же кайра максаттуу пайдалануу) каралган эмес.
- Социалдык контракт программасынын натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүү жетиштүү деңгээлде жөнгө салынган эмес. Натыйжалуулук критерийлери (индикаторлору) иштелип чыккан эмес.
- Программанын ишмердүүлүгү боюнча системалуу маалымат базасы түзүлгөн эмес, үй-бүлөлөрдүн кайрадан аз камсыз болгон категорияга өтүүсүн баалоо мүмкүн эмес жана мамлекеттик саясатты өз убагында оңдоо мүмкүнчүлүгү чектелет.

***Министрликтин позициясы:***

*Ошондой эле, отчетто Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-октябрындагы №349 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруунун тартиби жөнүндө" Жарлыгына ылайык индикаторлорду аныктоо зарылдыгы көрсөтүлгөн.*

*Ошону менен бирге, Министрлик аталган Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы мамлекеттик стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу маселелерин жөнгө сала тургандыгын тактап кетүүнү зарыл деп эсептейт.*

*Мамлекеттик стратегиялык документ мамлекеттик стратегиялык башкаруунун инструменти болуп саналат, белгиленген форматтагы жазуу жүзүндөгү расмий документ түрүндө иштелип чыгат, аны ишке ашыруунун белгилүү бир мөөнөтүнө ээ жана тиешелүү ченемдик укуктук акт менен бекитилет.*

*Социалдык контракт өз алдынча мамлекеттик стратегиялык программа болуп саналбайт. Ал калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүүнүн инструменттеринин/активдүү чараларынын бири болуп саналат.*

### 4.2. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн натыйжаларын баалоо

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" Жобого ылайык социалдык контракттын максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- үй-бүлөлөргө турмуштук оор кырдаалды жеңип чыгуу боюнча активдүү иш-аракеттерге дем берүү;
- социалдык коргоо системасынан жетиштүү көз карандысыздыкка ээ болуу жана коомдун жашоосуна толук катышуу максатында үй-бүлөлөргө жашоо деңгээлин жогорулатууга түрткү берүү;
- үй-бүлөлөрдүн эркин эмгектик жана мүлктүк потенциалын коомдук пайдалуу ишке тартуу;
- үй-бүлөлөрдүн социалдык жоопкерчилигин жогорулатуу жана алардын жүрүм-турумундагы бирөөнүн багуусунда болуу жүйөсүн азайтуу;
- чакан ишкердикти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- жаңы жумуш орундарын түзүүгө дем берүү.

Программанын максаттарына жетишүүнү баалоого тиешелүү көрсөткүчтөр иштелип чыккан эмес. Баалоо үчүн аудитордук топ КР Улуттук статистикалык комитети тарабынан белгиленген жашоо минимумунун орточо көрсөткүчү колдонулган.

КР Улуттук статистикалык комитети тарабынан жашоо минимуму айына 8 697,32 сомду түзгөн. Эмгекке жарамдуу курактагы калк үчүн анын өлчөмү 9 738,29 сомду, анын ичинде эркектер үчүн – 9 983,49 сомду, аялдар үчүн – 9 694,40 сомду түзгөн жашоо минимумун көрсөткүчү белгиленген.

Ошондой эле жакырчылыктын өтө төмөн чегинин көрсөткүчү үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө айына орточо 3 780 сом жана жакырчылыктын чеги үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө айына орточо 5 914 сом өлчөмүндө аныкталган.

Дүйнөлүк банктын «Эмгек рыногун жана социалдык коргоо программаларын чыңдоо» долбоорунун алкагында аудит учурунда Социалдык

контракт программасына 2022-жылы кирген биринчи катышуучулардын жыйынтыктоочу натыйжаларына талдоо жүргүзүлүүдө (Социалдык контракт үч жылдык мөөнөткө түзүлөрүн эске алуу менен). Изилдөөнү 2026-жылдын октябрь айында аяктоо пландаштырылган. Анын жыйынтыгында катышуучулардын кирешелерин жана программанын натыйжалуулугун баалоо методологиясын иштеп чыгуу каралган.

**Социалдык контракт программасынын катышуучуларынын кирешелеринин өсүшүнүн натыйжалуулугу жана жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө тийгизген таасири**

2023-жылы 10 000, 2024-жылы 19 426 үй-бүлө менен социалдык контракт түзүлгөн. 2023-жылы 10 000 катышуучунун ичинен 7 504 катышуучу (75%) мал чарбачылыгы, 1 372 катышуучу (14%) өндүрүш, 533 катышуучу (5%) кызмат көрсөтүү, 591 катышуучу (6%) соода менен алектенген.

2024-жылы 19 426 катышуучунун ичинен 14 554 катышуучу (75%) мал чарбачылыгы, 2 361 катышуучу (12%) өндүрүш, 1 182 катышуучу (6%) кызмат көрсөтүү, 1 329 катышуучу ( 7%) соода менен алектенген.

*2-диаграмма: Иш жүргүзүү тармактары*




Аудиттин жүрүшүндө 790 катышуучуну сурамжылоонун жана катышуучулардын өздүк документтери, анын ичинде мониторингдин жыйынтыктары талданды.

Аудит учурунда 2023-жылы социалдык контракт түзгөн 270 катышуучунун үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө орточо кирешеси 1591 сомду, ал эми 2024-жылы социалдык контракт түзгөн 520 катышуучунун орточо кирешеси 1 604 сомду түзгөн.

2023-жылы социалдык контракт түзүп, 2026-жылы аны ишке ашыруу мөөнөтү аяктаган же аяктоо алдында турган катышуучулардын орточо кирешеси (1591 сом) социалдык контракт түзүлгөнгө чейинки бир үй-бүлө мүчөсүнө туура келген орточо айлык киреше 1 200 сомду түзгөндүгүнө салыштырмалуу орточо 391 сомго, же 30% өскөн.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча 2023-жылы социалдык контрактка кол койгон 266 катышуучунун арасынан 105 (39,5%), 2024-жылы 516 катышуучунун арасынан 178 (34,5%) үй-бүлөнүн ишмердүүлүгүнөн түшкөн орточо айлык кирешеси контрактка чейин алып жүргөн “Үй-бүлөгө

көмөк” жөлөкпулунун өлчөмүнөн төмөн экени аныкталган[3]. “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулунун өлчөмү айына 2023-2024-жылдары 1200 сомду түзгөн.

*2-таблица. Социалдык контракттын катышуучулардын областтар боюнча кирешелеринин “Үй-бүлөлүк жөлөкпул” суммасына салыштырмалуу бөлүштүрүлүшү*

| | 2023 | | 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| **Област/шаар** | Катышуучулардын саны | Кирешеси УБК жөлөкпулунан аз катышуучулардын саны | Катышуучулардын саны | Кирешеси УБК жөлөкпулунан аз катышуучулардын саны |
| Ысык-Көл областы | 38 | 25 | 53 | 25 |
| Ош областы | 50 | 26 | 105 | 24 |
| Нарын областы | 20 | 6 | 50 | 32 |
| Чүй областы | 25 | 15 | 40 | 17 |
| Баткен областы | 25 | 12 | 65 | 29 |
| Жалал-Абад областы | 75 | 21 | 153 | 39 |
| Талас областы | 17 | 2 | 43 | 10 |
| Бишкек шаары | 16 | 1 | 7 | 2 |
| **Жалпы** | **266** | **105** | **516** | **178** |

Сурамжылоодо катышкан үч багыт боюнча 692 катышуучунун ичинен 314 катышуучунун (45%) кирешеси 1 200 сомдон жогору, ал эми 378 (55%) катышуучунун кирешеси 1 200 сомдон төмөн болгон. 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылы кирешеси 1 200 сомдон төмөн катышуучулардын үлүшү бардык үч багытта жогору, мал чарбачылыгында 57%**,** тигүүдө 65%**,** соодада 52%.

*3-таблица. СК катышуучулардын ишкердик багыттары боюнча кирешелеринин “Үй-бүлөлүк жөлөкпул” суммасына салыштырмалуу бөлүштүрүлүшү*

| Багыт | Жыл | Баары | Кирешеси 1 200 сомдон жогору | Кирешеси 1 200 сомдон төмөн |
|---|---|---|---|---|
| **Мал чарбачылыгы** | Жалпы | 375 | 165 (44%) | 210 (56%) |
| | 2023-жыл | 133 | 62 (47%) | 71 (53%) |
| | 2024-жыл | 242 | 103 (43%) | 139 (57%) |
| **Тигүү** | Жалпы | 124 | 47 (38%) | 77 (62%) |
| | 2023-жыл | 50 | 21 (42%) | 29 (58%) |
| | 2024-жыл | 74 | 26 (35%) | 48 (65%) |
| **Соода** | Жалпы | 105 | 53 (50%) | 52 (50 %) |
| | 2023-жыл | 40 | 22 (55%) | 18 (45%) |
| | 2024-жыл | 65 | 31 (48%) | 34 (52%) |

Катышуучулардын 86 % азыркы учурда кирешеге чыккан жана туруктуу иштешет.

Министрликтин маалыматына ылайык, жалпы Социалдык контракт программасынын катышуучуларынын арасынан ийгиликтүү иш алып

[3] Катышуучулардын кирешелеринин деңгээлин аныктоо жыл ичинде алынган жалпы кирешелер менен чыгашалардын айырмасын 12 айга бөлүү жолу менен эсептелди

баруунун натыйжасында бир жылдык кирешеси 1 миллион сомдон ашкан 14 катышуучу катталган. Бул жалпы катышуучулардын 0,04 % түзөт.

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында белгиленген максаттарга ылайык, социалдык контракт программасы калктын жакырчылык деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган. Ушуга байланыштуу, программанын натыйжалуулугун баалоодо социалдык контракттын катышуучуларынын кирешелеринин Улуттук статистика комитети тарабынан белгиленген жашоо минимумунан жогору болушу маанилүү көрсөткүч катары каралууга тийиш.

Жетишилген орточо киреше деңгээли жашоо минимумунун көрсөткүчүнө жете алган эмес. КР Улуттук статистикалык комитети тарабынан 2026-жылдын II кварталындагы калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимуму 9 873 сомду түзсө, катышуучулардын орточо кирешеси 1 600 сом болгон. Натыйжада, алардын ортосундагы айырма 8 273 сомду түзгөн.

Орточо киреше жашоо минимумунун деңгээлинен 84 % төмөн бойдон калган. Бул социалдык контракттын натыйжасында кирешенин өсүшү камсыздалганы менен, ал калктын минималдуу жашоо керектөөлөрүн учурда толук жабууга жетишсиз болгонун көрсөтөт.

Программанын натыйжалуулугунун жетишсиз болушунун негизги себептери болуп социалдык контракттын каражаттары берилгенден кийин катышуучуларды комплекстүү жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коштоо механизминин жетишсиздиги, өндүрүлгөн товарларды жана кызматтарды сатуу чектелгендиги, катышуучулардын маркетинг жана ишкердик көндүмдөрүнүн жетишсиздиги, контракт учурунда жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарын талдоо жана кирешеси жашоо минимумунан төмөн бойдон калган үй-бүлөлөрдү кошумча колдоо механизмдеринин жоктугу аныкталды.

Колдоо чаралары негизинен баштапкы каржылоону берүүгө багытталган, ал эми продукцияны жана кызматтарды сатуу рынокторун табуу, ишкердик көндүмдөрдү өнүктүрүү, продукцияны илгерилетүү жана бизнести кеңейтүү маселелери системалуу мамлекеттик колдоонун алкагында толук камтылган эмес.

Мындан тышкары, түзүлгөн ишкердиктин туруктуулугун баалоо критерийлери каралган эмес. Натыйжада катышуучулардын кирешелеринин төмөндөө тобокелдиктерин өз убагында аныктоо жана тиешелүү чараларды көрүү мүмкүнчүлүгү чектелүү бойдон калууда.

Ушундан улам айрым катышуучулар “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун алуу укугун жоготкону менен, алардын кирешеси татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылуу үчүн жетишсиз бойдон калууда.

Катышуучулардын олуттуу бөлүгүнүн кирешеси жашоо минимумунун деңгээлине жетпегени республикалык бюджеттин каражаттарын пайдалануунун социалдык-экономикалык натыйжалуулугун төмөндөтөт жана

аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жакырчылыктан туруктуу чыгышын толук камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт.

**Алынган активдердин пайдаланылышы жана эмгектик-мүлктүк потенциалдын ишке тартылышы**

Аудиттин жыйынтыгы көрсөткөндөй, социалдык контракттын алкагында берилген каражаттар негизинен бизнес-долбоорлордо каралган товарларды, жабдууларды, мал-жандыктарды жана башка керектүү активдерди сатып алууга багытталган. Сурамжылоонун жыйынтыгы менен жооп калтырган 634 катышуучунун 73,3% алынган активдердин ишмердүүлүктү жүргүзүүдө колдонуп жатат. Айрым учурларда катышуучулар тарабынан баштапкы бизнес-планда көрсөтүлгөн ишмердүүлүк түрү жана сатып алынган активдер өзгөртүлгөн учурлар бар экендиги аныкталган.

Жалпы 2023-жылы Социалдык контрактка кол койгон 7504 катышуучу (75%), 2024-жылы Социалдык контрактка кол койгон 14 554 катышуучу (75%) мурдакы тажрыйбасына байланыштуу ири мүйүздүү жана майда мүйүздүү мал сатып алган.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, мал чарбачылыгы багытындагы катышуучуларда активдердин өсүшү байкалган. Өсүш коэффициенти 2 эсе же 100%.

*4-таблица. Тандалып алынган райондордо малдын санынын өсүшү*[4]

| Област/район | 2023-2024-жылдары | 2026-жылдын 1-июнуна | Өсүү деңгээли |
|---|---|---|---|
| Ысык-Көл областынын Ак-Суу району | ири мүйүздү мал - 329 даана | ири мүйүздү мал - 634 даана | 2 эсеге көбөйгөн (634/328*100=192,71%). |
| Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз району боюнча | кой - 2470 баш, 177 даана баш бодо малды | 3801 баш кой, 445 даана баш бодо мал | 2 эсе көбөйгөн (жалпы малдын саны 4246/2647*100=160,4%). |
| Нарын областынын Ат-Башы району | ири мүйүздү малдын саны 145 даана, | ийри мүйүздүү мал - 305 даана | саны 2 эсеге көбөйгөн (305/145*100=210,3%), |
| | майда жандык малдын саны 2754 баш малды | 4289 даана баш малды түзөт | малдын саны 155,7% көбөйгөн (4289/2754*100=155,7%) |
| Нарын областынын Нарын району | малдын саны 147 даана башты | 294 даана башты түзөт | 2 эсеге көбөйгөн (294/147*100=200%). |
| Талас областынын Айтматов району | 8 баш уй жана 7 баш музоо | 13 баш уй жана 12 баш музоо бар | 2 эсеге көбөйгөн |

Бирок мал чарбачылыгында активдердин көбөйүшү, бардык учурларда акчалай кирешелердин өсүшү менен коштолгон эмес. Анткени, малды өстүрүү жана көбөйтүү белгилүү бир убакытты талап кылат. Натыйжада, киреше

[4] Тандалып алынган райондордо малдын санынын өсүшү аудиттик топ тарабынан жеринде жүргүзүлгөн кароонун жана мониторингдин жыйынтыктарынын негизинде аныкталды.

малды сатуу же андан алынган продукцияны өткөрүү аркылуу кийинчерээк пайда болушу мүмкүн. Мындан тышкары, өндүрүлгөн сүт жана сүт азыктары үй-бүлөнүн керектөөсүнө, анын ичинде балдардын тамактануусуна пайдаланылып жаткандыгын катышуучулар белгилеген.

Мал өстүрүү жана көбөйтүү мезгилинде үй-бүлөнүн күнүмдүк керектөөлөрүн жабуу негизинен эмгекке жарамдуу үй-бүлө мүчөлөрүнүн кошумча кирешелеринин эсебинен камсыздалат. Бирок үй-бүлөдө жаш балдарды караган энеден башка эмгекке жарамдуу мүчө жок болгон учурда, социалдык жөлөкпулдан баш тартуу үй-бүлөнүн финансылык абалын кыйла оорлотуп, учурдагы керектөөлөрдү камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Тигүү өндүрүшү менен алектенген катышуучулар жабдууларын сактап калган жана ишмердүүлүгүн улантышкан. Ошол эле учурда, тигүү тармагында 2023-жылы социалдык контрактка катышкан 50 үй-бүлөнүн 29 (58%), 2024-жылы катышкан 74 катышуучунун ичинен 48 (65%) катышуучунун кирешеси белгиленген жөлөкпулдун суммасынан аз болгон. Катышуучулар акыркы жарым жыл ичинде буюртмалардын азайгандыгын билдиришкен. Ошондой эле, буюртманын аз болуусу, кирешелердин жетишсиздиги, катышуучулардын тигүү багытын токтотуп, жалданма жумушка иштеген учурлар байкалган.

Сурамжылоого катышкан 790 катышуучудан 634 активдердин учурдагы колдонуу статусу боюнча суроого жооп берген. 634 катышуучунун 465 (73,3 %) активдери киреше алып келүүдө колдонулат, 136 (21,5%) үй-бүлө муктаждыктарына гана колдонот. Ал эми 33 (5,2%) катышуучунун активдери колдонулбай турат.

*3-диаграмма. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча Социалдык контракттын катышуучуларынын активдерди колдонуу абалы*




790 катышуучунун ичинен 105 катышуучу активдердин колдонууда жок экендигин же азайгандыгын белгилеген. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча активдердин азайган же колдонулбай турган себептери катары 61% чийки зат/тоют сатып алуу үчүн сатылганын, 19% малдын ооруганын, 11,4% үй-бүлөлүк муктаждыктардын улам сатылганын белгилеген.

*4-диаграмма. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча Социалдык контракттын катышуучуларынын активдеринин азаюусунун себептери*




Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктарында мониторинг жүргүзүү учурунда негизги басым кирешелерди көбөйтүүгө эмес, активдерди сактоого жана көбөйтүүгө багытталганы байкалды.

Дүйнөлүк банктын жана Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмунун (FAO)[5] маалыматтарына ылайык, Кыргызстандын айыл чарбасына кургакчылык, суунун тартыштыгы, экстремалдуу температуралар, сел жана жайыттардын деградациясы сыяктуу факторлор олуттуу таасир этет. Бул факторлор айыл чарбада социалдык контракт программасын ишке ашырууда жана катышуучуларга колдоодо эске алынуусу зарыл.

Мунун натыйжасында, бизнес-долбоордо белгиленген ишкердик максаттар толук аткарылбай, долбоордун туруктуу киреше булагын түзүүгө багытталган натыйжалуулугу төмөндөгөн.

**Социалдык контракттын алкагында көрсөтүлгөн колдоо үй-бүлөлөрдүн туруктуу өз алдынча иш менен камсыз болушуна жана жаңы жумуш орундарын түзүүгө таасири**

Министрликтин маалыматына ылайык, социалдык контракттык катышууга чейинки үй-бүлө мүчөлөрүнүн ичинен расмий жумушсуздардын саны 2023-жылы 5 961 адам, 2024-жылы 6 543 адамды түзгөн. 2023-жылы 1 838 жумуш орундары, ал эми 2024-жылы 2 748 жумуш орундары түзүлгөн.

Сурамжылоонун жыйынтыгында 771 катышуунун ичинен 46,2% социалдык контракттын катышуучусу өзү иш менен камсыз болгон, 44,4% кошумча дагы бир кишини ишке тарткан жана бул негизинен үй-бүлө мүчөлөрү болуп саналат. 5,7 % 3 кишини, 1,3% 4 кишини жана 2,5% 5 жана андан көп кишини иш менен камсыз кылган.

*5-диаграмма. Социалдык контракт программасынын алкагында сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча түзүлгөн жумуш орундарынын саны жана үлүшү*

---

[5] https://www.worldbank.org/en/country/kyrgyzrepublic/publication/ccdr, https://openknowledge.fao.org/server/api/core/bitstreams/6bf23ad9-5933-4674-8a7c-c2fd69dce90b/content




2022-2025-жылдары Социалдык контрактка катышкан 35 226 үй-бүлөлөрдүн ичинен 221 (0,6%) үй-бүлө ар кандай күтүлбөгөн себептерге байланыштуу баштаган иштерин аягына чыгара албай калышкан:

- 31 үй-бүлө – үй-бүлөлүк шартына байланыштуу бюджетке акча каражатын кайтарып беришкен;
- 2 үй-бүлө Баткен облусундагы окуяларга байланыштуу;
- 86 текшерүүнүн жыйынтыгы менен кайтарылып берилген, даректүү УБК жөлөкпулу чектелбегендиктен;
- 16 үй – бүлөнүн катышуучусу каза болгондугуна байланыштуу;
- 3 ден соолугуна байланыштуу (онкологиялык оору) комиссиянын чечими менен токтотулду;
- 11 үй – бүлөнүн катышуучусунун малы өлгөндүгүнө байланыштуу (ветеринардык кызматтык тыянагынын негизинде);
- 2 үй – бүлөнүн катышуучусу активтерди максатсыз колдонгон (соттун чечими бар);
- 1 үй – бүлөнүн автоунаасы аварияга учураган;
- 2 үй-бүлөсү менен мигрант болуп чет жакка кетип калышты (баштаган иши токтоп турат);
- 2 соттолгондугунан;
- 1 малы уурдалды;
- 2 актив өрттөнүп кеткен;
- 1 банкрот болгон (соода-сатык тармагы).

Аудит учурунда тандалып изилденген катышуучулардын арасынан социалдык контракттын алкагындагы ишмердүүлүгүн токтотуп, башка (жалданма) жумушка өткөн, бизнесин же ишмердүүлүгүн токтоткон учурлар катталган. Алардын себеби болуп сатып алынган активдердин ишке жарамсыздыгы, бизнес-пландын ишке ашыруу мүмкүн болбогондугу, ден соолукка байланыштуу, суроо-талаптын (буюртма, кройлордун) аздыгы, ички жана сырткы миграция белгиленген.

Үй-бүлөлөрдүн социалдык контракттын мөөнөтү аяктагандан кийин кайра “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун алууга кайрылуу фактылары аудит учурунда аныкталган эмес. Бул, бир жагынан, социалдык контракттын катышуучулары арасында тиешелүү түшүндүрүү иштеринин жүргүзүлүшүнүн

натыйжасында социалдык контракттын мөөнөтү аяктагандан кийин кайрадан жөлөкпул алууга кайрылууга болбой тургандыгы боюнча түшүнүк калыптанганы менен байланыштуу.

**Чакан ишкердикти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү**

Жободо белгиленген программанын максаттарынын бири - чакан ишкердикти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү. Министрликтин маалыматына ылайык, 2022-2025-жылдары социалдык контракт түзгөн катышуучулар тарабынан республика боюнча 1329 чакан ишкердик субъекти түзүлгөн. Алардын ичинен 186 жеке ишкер катары катталган, 1143 патенттин негизинде, ал эми 4 жоопкерчилиги чектелген коом (ЖЧК) формасында иш алып барууда.

Ошону менен бирге, көрсөтүлгөн маалыматтар түзүлгөн субъекттердин саны жөнүндө жалпы маалыматты камтып, алардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу, туруктуулугу, кирешелүүлүгү боюнча толук маалыматтарды камтыбайт.

Аудиттин жүрүшүндө сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, 2023-2024-жылдары социалдык контракт түзгөн Бишкек шаары боюнча тандалып алынган 77 катышуучунун ичинен 6 (8%) катышуучу жеке ишкер катары катталган. Анын ичинде 5 соода жана 1 коомдук тамактануучу жай тармагында катталган. Ысык-Көл облусунун Ак-Суу району боюнча 313 катышуучунун ичинен 27 адам (8,6%) салык органдарында катталган. 2023-жылы 231 катышуучунун ичинен 78 адам (33,7%), 2024-жылы 82 катышуучунун ичинен 21 адам (25,6%) Социалдык фонддо катталган. Жалпы 313 катышуучунун ичинен 99 адам (31,6%) каттоодон өткөн.

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы № 84 "Патенттик негизде салыктын базалык суммасын иштин түрлөрү боюнча бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык үйдөн кийим тигүүчүлөр тарабынан тигүү жана кийим оңдоо боюнча көрсөтүлгөн кызматтарга патенттик негизде салык төлөө милдеттүү. Мында базалык ставка 30 күнгө 700 сомду түзөт. Ошондой эле 2004-жылдын 24-январындагы № 8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрү төлөө милдети бекитилген.

Аудит белгилегендей, ыйгарым укуктуу органдар электрондук патентти сатуучу-тикмечилер тарабынан тигүү жана оңдоо кызматтары үчүн КР Салык кызматынын сайтында жеке кабинет аркылуу сатып алууну көзөмөлгө алышы керек, ошол эле учурда бирдиктүү квитанцияны автоматтык түрдө эсептеп, түзүшү керек, анда патенттин наркы (салык), камсыздандыруу полисинин наркы (Социалдык фондго төлөмдөр) бир эле учурда камтылат.

Ал эми "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө" жободо аз камсыз болгон жана аз кирешелүү үй-бүлөлөргө социалдык жардам көрсөтүүнүн шарттарын жана механизмин аныктаган, социалдык келишимдин негизинде мындай жардамды алууну каалаган үй-бүлөлөр үчүн социалдык келишим ишке ашырылып жаткан мезгилде

тийиштүү иштин түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн патент алуу милдети каралган эмес.

Катышуучуларды салыктык жана Социалдык фонддо каттоого байланыштуу маселелер жөнгө салынган эмес. Ошондой эле ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтер, анын ичинде транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө тиешелүү уруксат документтери (лицензия) таризделген эмес.

Социалдык контракттын катышуучуларынын тиешелүү органдарда каттоо таризделбегендиктен жана кирешенин төмөндүгүнө байланыштуу катышуучулар расмий каттоодон өтпөй келет.

Мындан сырткары, КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 1-июлундагы № 390-т тескемеси менен Социалдык контракттын негизинде социалдык жардамдын катышуучуларына пайызсыз кредит берүү программасы бекитилген.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, 781 катышуучунун ичинен 535 (68,5%) катышуучу пайызсыз насыя алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалыматы бар экендигин билдирген, 147 (18,8%) катышуучу мындай мүмкүнчүлүк жөнүндө мурда маалыматы болбогонун көрсөткөн. 86 (11%) катышуучу насыя алуудан коркорун белгилеген.

Насыя алууга аракет кылган катышуучулардын ичинен 13 (2,4 %) отчеттуулукка байланыштуу көйгөйлөрдөн, патент же күрөөнүн жоктугунан арыз бере алган эмес же арызы канааттандырылган эмес. Ошол эле учурда, 8 катышуучу 100 000 сом жана 200 000 сом өлчөмүндө пайызсыз насыя алганын билдирген.

*4-диаграмма.*




Жалпысынан, сурамжылоонун жыйынтыгы пайызсыз насыялоо мүмкүнчүлүгүнө кызыгуу бар экендигине карабастан, маалымдуулуктун жетишсиздиги жана насыя алуудагы күрөө, отчеттуулук, патент жана башка талаптарга байланыштуу катышуучулардын ишкердикти өнүктүрүүгө финансылык каражаттарды алууга мүмкүнчүлүктөрү чектелүү.

### 4.3. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүнүн механизмдерин баалоо

Социалдык контракттын программасын координациялоо жана ишке ашыруу тартиби КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" жобосу жана Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү боюнча методикалык көрсөтмө менен жөнгө салынат.

*5-таблица. Социалдык контракттын негизинде мамлекеттик социалдык жардам көрсөтүү процессинин кыскача сүрөттөлүшү (Методикалык көрсөтмөгө ылайык)*

| № | Процесстин этабы | Аткаруучу |
|---|---|---|
| 1 | Үй-бүлөлөргө жана ишкерлерге социалдык контракттын максаттары жана шарттары жөнүндө маалымдоо | Министрликтин аймактык бөлүмү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациясы |
| 2 | Үй-бүлөлөрдү тандоо | ЖӨБ АО караштуу Социалдык маселелер боюнча комиссия |
| 3 | Социалдык контракт түзүүгө арызды жана зарыл документтерди кабыл алуу | Жаран, ЖӨБ АО, райондук маанидеги шаарларда жана Ош шаарында - аймактык бөлүм |
| 4 | Үй-бүлөнүн социалдык-экономикалык абалын изилдөө, УБК жөлөкпулун алуучуларды текшерүү жана социалдык паспортту тактоо же толтуруу | Министрликтин аймактык бөлүмүнүн ыйгарым укуктуу кызматкери же ЖӨБ органы |
| 5 | Социалдык адаптациялоо программасын жана бизнес-долбоорду иштеп чыгуу | Жаран, ЖӨБ АО, облустук маанидеги шаарларда жана Ош шаарында - аймактык бөлүм, зарыл болгон учурда тиешелүү тармактык адистер |
| 6 | Документтерди кароо жана социалдык контракт түзүү жөнүндө чечим кабыл алуу | Аймактык убактылуу комиссия |
| 7 | Социалдык контрактка кол коюу | Министрликтин аймактык бөлүмү жана жаран |
| 8 | Бир жолку акчалай жардамды каржылоо жана которуу | Министрликтин аймактык бөлүмү/, ыйгарым укуктуу каржы органдары |
| 9 | Социалдык адаптациялоо программасынын аткарылышын ишке ашыруу | Жаран (социалдык контракт алуучу) |
| 10 | Мониторинг жүргүзүү, консультация берүү жана каражаттын максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөө | Министрликтин аймактык бөлүмү, ЖӨБ АО |
| 11 | Социалдык контракттын аткарылышынын жыйынтыгын баалоо | Министрликтин аймактык бөлүмү |

Жалпысынан, Министрлик аудит мезгилинде ушул ченемдик укуктук актылардын талаптарын аткарган.

**Программага катышуучуларды тандоо (программанын даректүүлүгү)**

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" Жобого ылайык социалдык контракт түзүү критерийлеринин бири болуп үй-

бүлөнүн жакыр же аз камсыз болгондугун ырастоочу документтин болушу (социалдык паспорттун болушу же "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул алуучу) же арыз берүүчү Министрликтин Корпоративдик маалыматтык социалдык жардам системасы (мындан ары – КИССП) же жергиликтүү башкаруу органдарынын “Социалдык паспорт” маалымат системасында катталуу болуусу керек.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, 783 катышуучунун 99,7% КИССП же “Социалдык паспорт” маалымат системасында катталган. 768 катышуучунун ичинен 710 (92,4%) “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун алуучулар болгон.

Аудиттин жүрүшүндө расмий документтер боюнча баары критерийлерге туура келгени менен, жеринде текшерүүдө көпчүлүк социалдык контракттын катышуучуларын тандоодо, үй-бүлөлөрдүн расмий гана кирешелери эске алынып, расмий эмес кирешелерди эсепке алуу механизмдери жетишсиз экендиги аныкталды.

КИССП маалыматтык системасы «Түндүк» ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү аркылуу Салык кызматында жана Социалдык фонддо катталган расмий кирешелер жөнүндө маалыматтарды алууга мүмкүндүк берет. Жарандардын расмий эмес ишмердиктен алган кирешелери, башка адамдардын атына катталган мүлкү жана үй-бүлөнүн иш жүзүндөгү материалдык абалы системаларда толук чагылдырылбайт.

Мындан тышкары, Социалдык фонддун маалыматтык системасындагы маалыматтардын «Түндүк» системасы аркылуу кечигүү менен берилиши айрым учурларда 4-5 айга чейин жетери аныкталды. Натыйжада, жарандардын эмгектик ишмердиги жана социалдык фондго төлөнгөн төгүмдөрү боюнча актуалдуу маалымат КИССП системасында өз убагында чагылдырылбай, жаран иштебейт же социалдык төгүмдөрдү төлөбөйт деген маалымат көрсөтүлөт.

Сурамжылоонун жана жеринде жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 789 катышуучу үй-бүлөлөрдүн социалдык контракттан сырткары айына орточо кирешеси 22 121 сомду түзгөн. Анын ичинен 241 (30,5%) катышуучуда айлык киреше орточо кирешеден жогору болуп 150 000 сомго чейин болгон. Мында кирешелердин расмий ишмердиктен тышкаркы булактардан алынганы белгиленген.

Жерине жүргүзүлгөн текшерүүлөрдө жана сурамжылоолордо айрым социалдык контракттын катышуучуларынын үй-бүлө мүчөлөрү социалдык контракт алганга чейин расмий эмес сектордо туруктуу киреше алып келгендиги, ошондой эле алардын иш жүзүндөгү жашоо шарттары жана мүлктүк абалы баштапкы көрсөтүлгөн маалыматтарга толук дал келбеген учурлар аныкталды. Ош областынын Кара-Суу району боюнча 37, Өзгөн району аудиттин боюнча 61, Жалал-Абад областынын Сузак району боюнча 64, Базар-Коргон району боюнча 93 үй-бүлөлөрдүн жашоо шарты, материалдык абалы башка катышуучуларына салыштырмалуу жогору деңгээлде экендиги аныкталды.

Мындан сырткары, Бишкек шаарынын иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгы тарабынан берилген маалыматка ылайык, айрым учурларда муниципалдык администрациялардын алдындагы Комиссиялар тарабынан социалдык контракт түзүү жана социалдык контрактты ишке ашыруу үчүн акча каражаттарын берүү жөнүндө кабыл алынган чечимдерди кароодо талаштуу жагдайлар аныкталган. Тактап айтканда, 2 катышуучуга карата Комиссиянын кабыл алган чечимдеринин негиздүүлүгүнө жана мыйзамдуулугуна байланыштуу тиешелүү Комиссияларга каршылык каттары жөнөтүлгөн.

Биринчи учур боюнча катышуучу тарабынан мүлктүн, атап айтканда, сулуулук салонунун бар экендиги жашырылгандыгы жана ошол эле учурда аз камсыз болгон жаран катары жөлөкпул алгандыгы аныкталган жана социалдык контракт кол коюу токтотулган. Экинчи учур боюнча катышуучуда оор психикалык ден соолук көйгөйү бар экендиги тууралуу маалыматтар аныкталган. Ушуга байланыштуу, социалдык контракттын алкагында каралган ишкердикти ачуу жана жүргүзүү мүмкүнчүлүгү боюнча Комиссиянын чечиминин негиздүүлүгүнө суроо жаралган.

Натыйжада, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө багытталган мамлекеттик каражаттардын даректүүлүгү толук камсыздалбай, белгиленген критерийлерге иш жүзүндө жооп бербеген жарандардын социалдык контракт программасына кирип калуу тобокелдиги жаралууда.

Расмий эмес кирешелерди, иш жүзүндөгү мүлктүк абалды жана үй-бүлөнүн реалдуу материалдык камсыздоо деңгээлин аныктоо боюнча ведомстволор аралык маалымат алмашуунун жана жеринде текшерүүнүн механизмдеринин жетишсиздигин көрсөтөт.

Мындан тышкары, "Үй-бүлөгө көмөк" дайындоо үчүн колдонулган кепилденген эң төмөнкү кирешенин (2023-2024-жылдары -1000 сом, 2026-жылдан тартып 1500 сом) белгиленген өлчөмү аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү аныктоонун натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлордун бири болуп саналат. Гарантияланган эң төмөнкү киреше 1 500 сомду, ал эми жашоо минимуму 9 873 сомду түзөт. Айырмасы 8 373 сом, башкача айтканда, кепилденген эң төмөнкү киреше жашоо минимумунун 15,2% түзөт, жашоо минимумуна салыштырмалуу 84,8% төмөн**.** Кепилденген эң төмөнкү кирешенин деңгээли үй-бүлөлөрдүн реалдуу керектөө чыгымдарын жана социалдык-экономикалык шарттарды толук чагылдырбагандыктан, кирешеси белгиленген чектен бир аз жогору болгон, бирок иш жүзүндө материалдык жактан муктаж үй-бүлөлөр Социалдык контракт программасына катышуу мүмкүнчүлүгүнөн четте калуу тобокелдиги бар.

**Бизнес-планды, индивидуалдык программаны даярдоо**

Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө жобонун 2-бөлүмүнүн 9-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары арыз ээси менен биргеликте Программаны жана бизнес-планды иштеп чыгат. Жобонун 5-бөлүмүнө ылайык, Убактылуу комиссия үй-бүлөнүн

Программасын жана бизнес-планын карайт жана бекитет. Бизнес-пландын типтүү формасы жана социалдык адаптация программасынын формалары Методикалык жободо бекитилген.

Аудиттин жүрүшүндө жеке иштерге тиркелген бизнес-планда көрсөтүлгөн маалыматтар жана эсептөөлөр катышуучулардын иш жүзүндөгү ишмердигине дал келбей жана жетишилген көрсөткүчтөр планга шайкеш келбеген учурлар аныкталды. Бизнес-план түзүүдө кирешелердин, чыгымдардын анализденип толук эсептелбегендиги жана тобокелдиктер толук камтылбагандыгы байкалды.

Аудит учурунда, Чүй облусунун Аламүдүн районунда, Ош облусунун Кара-Суу жана Өзгөн шаарларында жана Жалал-Абад облусунун Сузак айылында мал чарбачылыгы үчүн каражат алган катышуучулардын ичинен жеке жер үлүшү жана өздүк тоют базасы жок үй-бүлөлөр көп кездешет. Алар мал үчүн тоютту толугу менен сатып алышат жана бул бизнес-планда так көрсөтүлбөйт. Натыйжада, реалдуу киреше төмөн болуп, чыгымдарды жабуу үчүн башка киреше булактарын колдонууга мажбур болушкан.

Көпчүлүк райондордо тигүүчүлүк багытына басым жасалып, бүгүнкү күндө экономикалык кырдаалга байланыштуу[6] бул тармактын туруктуу жана жакшы киреше алып келбеген тармакка айлануу тобокелдиги бар. Азыркы учурда буюртманын (крой) азаюусу сурамжылоонун алкагында катышуучулар тарабынан белгиленген.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча 790 катышуучунун 131 тигүү тармагында болгон. Орточо айлык кирешеси биринчи жылы 5831,0 сомду, кийинки жыл 7531,3 сомду, ал эми акыркы жыл 7064,5 сомду түзгөн.

Мындан тышкары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык кызматкерлеринин потенциалы жана кесиптик даярдыгы бизнес-пландарды сапаттуу жана экономикалык жактан негиздүү иштеп чыгуу боюнча атайын компетенцияларды толук камтыбайт. Кызматкерлердин негизги иш багыты социалдык колдоо көрсөтүүгө багытталгандыктан, алардан кесипкөй бизнес-пландарды иштеп чыгуу жана ишкердиктин финансылык-экономикалык көрсөткүчтөрүн терең талдоо талап кылынбагандыгы белгиленди.

Мындай кемчиликтер бизнес-пландын сапаттуу жана негиздүү түзүлбөшүнө, социалдык контракттын алкагында берилген акча каражаттарын натыйжалуу пайдалануу боюнча тобокелдиктердин жогорулашына таасир этет.

Натыйжада, бизнес-пландарды даярдоодо адистештирилген консультациялык жана методикалык колдоого муктаждык бар экендиги аныкталды.

Ошондой эле, жобонун жана типтүү методикалык көрсөтмөлөргө ылайык, бенефициар тарабынан сатып алынган товардык-материалдык баалуулуктарды (активдерди) де-факто тастыктоо максатында түзүлгөн сатып алуу актысына катышуучу (грант алуучу), сатуучу жана сатып алуучу топтун

---

[6] https://24.kg/ekonomika/385018_odin_krizis_zadrugim_chto_proishodit_soshveynoy_otraslyu_kyirgyizstana_/

мүчөлөрү милдеттүү түрдө өздөрүнүн жеке кол тамгаларын коюу талап кылынат. Райондордо изилденген өздүк папкаларда кол тамгалары коюлган эмес, тиешелүү тастыктоочу документтер тиркелбеген жагдайлар кездешет.

Мындан сырткары, “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө” жобого жана Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү боюнча Методикалык көрсөтмөгө ылайык, социалдык контракт программасына аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрүн иш менен камсыз кылууга ишкерлердин катышуусу каралган. Келишим түзүү укугун алуу үчүн негизги критерийлер болуп, ишкердин аз камсыз болгон же жакыр үй-бүлөнүн эмгекке жөндөмдүү жарандары үчүн туруктуу узак мөөнөттүү жумуш орундарын (же өз алдынча иш менен камсыз кылуу үчүн шарттарды) түзүү үчүн ишкердик объектин түзүү боюнча бизнес-долбоорунун болушу жана ишкер тарабынан тиешелүү административдик-аймактык бирдикте өз ишин 1 жылдан кем эмес жүргүзүүсү керек.

Аудиттин алкагында программаны ишке ашырууга ишкерлик субъекттери жана жергиликтүү бизнес өкүлдөрү тартылбаганы аныкталды.

**Катышуучуларды коштоо жана колдоо**

Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө жобонун 27-28-пункттарына ылайык жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү бийлик органдары катышуучуларга консультация берүүгө, колдоо көрсөтүүгө, аларды бизнес жүргүзүү боюнча окууларды уюштурууга, жабдууларды/товарларды сатып алууга көмөктөшүүгө жана кабыл алынган милдеттенмелердин аткарылышын контролдоого милдеттүү.

Социалдык контракт программасынын алкагында катышуучуларды колдоо системасы укуктук ченемде каралганы менен, иш жүзүндө жетишсиз деңгээлде ишке ашырылат.

*7-диаграмма*




Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй 744 катышуучудан 325 (43,7%) колдоо алган эмес, 253 (34%) катышуучу ветеринардык жактан колдоо алган, 148 (19 %) катышуучу салыктык эсепке алуу жана каттоо боюнча

консультациялык колдоо алган жана 18 (2,4%) продукцияны сатууну уюштуруу боюнча консультациялык колдоо алган.

Катышуучулар, аларга иштеп чыккан продукциясын сатууга, маркетинг, кошумча каражат тартуу боюнча колдоо керектигин белгилеген. Бул факторлор алардын кайрадан мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын категориясына кайтып келүү тобокелдигин жогорулатат.

Аудит көрсөткөндөй, бенефициарлар тандаган ишкердик багыттары боюнча баштапкы практикалык тажрыйбага ээ болушканы менен, алардын атайын (профилдик), финансылык жана бизнес жүргүзүү боюнча сабаттуулугу төмөн.

Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, 786 катышуучунун ичинен 501 (63,7%) жалпы орто билимге, 136 (17,3%) башталгыч (толук эмес) билимге, 102 (13%) атайын кесиптик, ал эми 47 (6%) жогорку билимге ээ.

Ошондой эле, сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча катышуучулардын 92,4% келишимге кол коюудан мурда тиешелүү окуудан өткөн. Ал эми райондук социалдык коргоо башкармалыктары тарабынан берилген мониторингдин маалыматтарын талдоонун жыйынтыгы боюнча 3811 катышуучудан 3243 (85,1%) окуудан өткөн. Окутуулар негизинен финансылык сабаттуулук боюнча кыска мөөнөттүү (1-2 күндүк) болуп райондук башкармалыктардын кызматкерлери тарабынан же башка уюмдардын өкүлдөрүн (АРИС, МУК, ВПП ООН, МУИТ, ДБ ж.б.) тартуу менен өткөрүлгөн. Бир гана Нарын областынын Ат-Башы району боюнча финансылык сабаттуулуктан сырткары, маркетинг, IT технология, ветеринар тарабынан окуулар өткөрүлгөн. Баткен областынын Кадамжай району боюнча Айыл чарба департаменти, Ветеринардык башкармалык жана Социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын адистери тарабынан социалдык контракт алган жарандарга маалыматтар берилген.

Окутуулар системалуу түрдө жана бизнестин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен уюштурулган эмес. Ишкердиктин ар түрдүү багыттары тиешелүү билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү талап кылат. Мисалы, соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө салык органдарында каттоодон өтүү, салык салуу, киреше-чыгашаларды эсепке алуу жана кардарларды тартуу боюнча билимдер зарыл. Мал чарбачылыгы жана айыл чарбасында ветеринардык талаптарды сактоо, малды багуу жана айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү боюнча практикалык көндүмдөр талап кылынат. Тигүүчүлүк жана өндүрүш тармагында продукцияны өндүрүүнүн өздүк наркын эсептөө, сатуу рынокторун жана буюртмаларды табуу, ошондой эле кардарлар менен иштөө боюнча билимдер маанилүү.

Окутуулардын бизнестин багыттарына карата дифференцияланбай формалдуу өткөрүлүшү, бенефициарлардын финансылык, укуктук жана тармактык сабаттуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Натыйжада, катышуучулар салык, маркетинг жана тобокелдиктерге туруштук бере албай, ишмердүүлүктүн кирешелери төмөн бойдон калууда жана

социалдык контракттын катышуучуларына пайызсыз кредит берүү программасына катышуусу боюнча мүмкүнчүлүктөрү чектелүү.

**Программаны ишке ашырууда мониторинг системасы, натыйжалуулукту баалоо**

Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө жобонун 39-40-пункттарына ылайык, социалдык контракттарды ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү, анын натыйжаларын талдоо, отчёт берүү жана программанын натыйжалуулугун баалоо камсыз кылынууга тийиш.

Жобонун 41-пунктуна ылайык, программаны ишке ашыруунун натыйжалуулугун аралык жана жыйынтыктоочу баалоо ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган критерийлер боюнча жүргүзүлүүгө тийиш.

Методикалык колдонмодонун 9-пунктуна (Жобонун 41-пунктуна түшүндүрмө) ылайык алгачкы үч айда жыйынтык маалымат ай сайын, отчеттук мезгилден кийинки 5-күнгө чейин берилет жана модулга киргизилет. Мониторингдин жыйынтыктары да белгиленген мөөнөттө модулга киргизилип, аралык жана жыйынтыктоочу отчетторду түзүүдө колдонулат. Жобого ылайык, райондук социалдык башкармалыктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте катышуучуларга белгиленген мезгилдүүлүккө ылайык мониторинг жүргүзөт.

Аудиттин алкагында тандалып алынган 16 райондук башкармалыктардагы катышуучулардын жеке иш кагаздарын (790 папка) изилдөөдө мониторинг жалпысынан бекитилген мөөнөттө жүргүзүлгөндүгү жана бекитилген формага ылайык толтурулганы аныкталды.

Ага карабастан, мониторинг жүргүзүүдө жана анын жыйынтыгын баалоодо төмөнкү кемчиликтер аныкталды.

Социалдык контракттардын мониторингинин колдонуудагы методикасы, акыркы натыйжаны (үй-бүлөнү жакырчылыктан чыгарууну) баалоого эмес, сатып алынган активдерди эсепке алууга багытталган. Мониторингдин жыйынтыктары “Социалдык контракт” модулуна киргизилбейт. Үй-бүлөнүн кирешелери мониторинг учурунда катталганы менен ишмердүүлүккө талдоо жүргүзүлбөйт.

Райондук башкармалыктар тарабынан программаны ишке ашыруунун натыйжалуулугуна аралык жана жыйынтыктоочу баалоо азыркы учурда жүргүзүлбөйт.

Анын себептери болуп, натыйжалуулукту баалоо механизмдери, критерийлери жана методикалары аягына чейин иштелип чыккан эмес. Ошондой эле, отчеттуулукту электрондук форматта жалпылоого багытталган Эмгек рыногунун маалыматтык системасынын «Социалдык контракт» модулу (мындан ары - модул) “Түндүк” ААКсы тарабынан толук иштелип чыкпай, азыркы учурда ишке киргизилген эмес. Натыйжада, Социалдык контракт программасын бардык ишке ашыруу процесстери кагаз түрүндө жүргүзүлөт, катышуучулар жөнүндө маалымат базасы жок.

Натыйжада, бенефициарлардын реалдуу кирешесинин жогорулаганын жана үй-бүлөнү жакырчылыктан чыгуу деңгээлин аныктоо мүмкүн эмес. Бул жагдай бөлүнгөн мамлекеттик каражаттардын натыйжасыз сарпталуу тобокелдигин жогорулатат.

Ошондой эле, аудит тарабынан кызматкерлердин штатынын чектелүүлүгү жана райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарынын социалдык кызматкерлерине түшкөн жүктөмдүн жогорулугу белгиленди. Тандалып алынган Сузак району боюнча бир кызматкерге 510, Базар-Коргон району 482, Аксы району боюнча 520, Баткен району боюнча 612, Кадамжай району боюнча 446, Кара-Суу району боюнча 499, Өзгөн району боюнча 500, Ноокат району боюнча 564, Жети-Өгүз району боюнча 541 социалдык контракт алуучу туура келет.

Мындан сырткары, кызматкерлер райондун аймагындагы айылдарда мониторинг жүргүзүүдө транспорт жана күйүүчү май менен камсыздалбайт.

Программанын натыйжалуулугун баалоо методикасынын жетишсиздиги, "Социалдык контракт" маалымат системасынын жоктугу жана райондогу кызматкерлердин штаттык санынын чектелүүлүгү белгиленген мөөнөттөрдө мониторинг жүргүзүүгө, катышуучуларды сапаттуу коштоого, тобокелдиктерди толук кандуу баалоого жана контракттан кийинки колдоо көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгүн чектейт.

**Ресурстарды (квота) бөлүштүрүү**

Министрлик тарабынан социалдык контракттарды түзүүгө квоталарды бөлүштүрүү, УБК жөлөкпулун алып жаткан үй-бүлөлөрдүн санына негизделет.

*6-таблица. Аныкталган квотанын жана түзүлгөн контракттардын саны*

| | Област/шаар | Бөлүнгөн квотанын саны | | Социалдык контракттардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2023-ж. | 2024-ж. | 2023-ж. | 2024-ж. |
| 1 | Баткен | 1187 | 2440 | 1097 | 2442 |
| 2 | Жалал-Абад | 3286 | 6955 | 3407 | 6346 |
| 3 | Ысык-Көл | 674 | 1020 | 794 | 1020 |
| 4 | Нарын | 577 | 1113 | 587 | 1160 |
| 5 | Талас | 560 | 1085 | 610 | 1100 |
| 6 | Чуй | 612 | 852 | 629 | 852 |
| 7 | Ош | 2858 | 6185 | 2612 | 6078 |
| 8 | Ош шаары | 160 | 200 | 160 | 285 |
| 9 | Бишкек шаары | 86 | 150 | 104 | 143 |
| | Республика боюнча | 10000 | 20 000 | 10 000 | 19426 |

Бишкек шаары боюнча потенциалдуу катышуучулар тарабынан программага болгон кызыгуунун төмөндүгү байкалат. Ал эми райондордо катышуучулардын саны квотадан жогору же аз экендиги аныкталган. Арыздардын санына карата керектүү учурда квотанын саны Министрлик тарабынан өзгөртүлүп турат.

Бишкек шаарынын Ленин району боюнча 2026-жылга 65 квота каралган, аудит учуруна карата 9 гана арыз берилген. Республиканын кээ бир аймактарында суроо-талап белгиленген квотадан жогору.

Талас облусунун Айтматов району боюнча – 2023-жылга 212 социалдык контракт каралса, факт жүзүндө 262 социалдык контракт түзүлгөн же болбосо берилген квотадан 50 контрактка ашыкча, ал эми 2024-жылга 430 социалдык контракт каралган болсо иш жүзүндө 445 контракт түзүлгөн, же болбосо 15 контракт ашыкча түзүлгөн.

Жалал-Абад облусунун Сузак району боюнча 2024-жылы 1 822 адамга квота бөлүнүп, бирок иш жүзүндө 1 299 адамга гана социалдык контракт берилген. Аудит учурунда 2026-жылга берилген 900 квотанын 860 гана аткарылып, 40 квотаны райондук башкармалык ишке ашыра албай жаткандыгы белгиленген. Жергиликтүү адистердин берген маалыматы боюнча, аз камсыз болгон жарандардын долбоорго катышууга каалоосу төмөн. Айрыкча 7-8 баласы бар көп балалуу үй-бүлөлөр чакан ишкердик баштоодон жана анын тобокелдиктеринен көрө, ай сайын мамлекет тарабынан берилүүчү жөлөкпулду алууну артык көрүшөт. Андан сырткары, текшерүүлөрдүн көптүгүнөн программага катышуудан баш тартышууда. Калган райондор боюнча квотанын планы негизинен аткарылган, бирок башкармалыктагы кызматкерлердин айтуусу боюнча квотаны толтуруу кыйынчылык менен ишке ашат.

Натыйжада, башкармалыктын кызматкерлери бекитилген квоталык планды толтуруу максатында, программага катышууга кызыкдар эмес же даярдыгы жок жарандарды тартууга тобокелдиги бар. Бул жагдай бюджеттик каражаттарды максатсыз жана натыйжасыз пайдалануу тобокелдигин жаратууда.

**“Социалдык контракт” маалыматтык системасы (модуль) жана маалыматтык системалардын интеграцияланбагандыгы**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 24-октябрындагы №292 буйругу менен бекитилген, Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү боюнча методикалык көрсөтмөнүн 32.2-пунктунун талаптарын бузуу менен, мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча маалыматтар эмгек рыногунун маалыматтык системасынын «Социалдык контракт» модулуна киргизилбей келет.

Аудиттин жүрүшүндө “Түндүк” ААКсы тарабынан «Эмгек рыногу» маалымат системасынын курамындагы «Социалдык контракт» модулу толук иштелип чыкпагандыгы жана Программанын негизги процесстерин автоматизациялоону камсыз кылбагандыгы аныкталды.

Маалыматтык системалардын интеграцияланбагандыгынан улам, катышуучулардын социалдык контракт программасынын алкагында кирешелери салык органдары жана социалдык коргоо органдары тарабынан расмий эсепке алынбайт. Ошондой эле, эсепке алынгандыгы боюнча

маалымат райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктарына жеткиликтүү эмес.

Мындан сырткары, төмөнкү санариптик жана институционалдык мүмкүнчүлүктөр ишке ашырылган эмес:

- Жарандар тарабынан арыздарды онлайн берүү, документтерди баштапкы автоматикалык текшерүү (валидация) жана тастыктоочу материалдарды электрондук форматта жыйноо функционалы жок. Кагаз түрүндөгү бюрократиялык иш кагаздарын жүргүзүү сакталып калган.
- Төмөнкү негизги мамлекеттик маалымат базалары менен автоматтык түрдө маалымат алмашуу жөнгө салынган эмес:
  - КР Мамлекеттик салык кызматынын бенефициарлардын ЖИ (ИП) катары катталышы, салык төлөмдөрү жана реалдуу ишкердик активдүүлүгү боюнча маалыматтар жок;
  - КР Социалдык фондунун камсыздандыруу төгүмдөрүнүн чегерилиши жана расмий иш менен камсыз болуу статусу тууралуу маалыматтар жок;
  - Малды идентификациялоо жана каттоо (ИУЖ) базасындагы сатып алынган малды каттоо, вакцинациясын жана кыймылын аралыктан текшерүүгө мүмкүндүк чектелүү.
- Райондук башкармалыктардын кызматкерлерине онлайн-мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүгү жоктугунан иш жүктөмү жогору.

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 31-июлундагы № 178 Кыргыз Республикасынын Санарип кодекси жана 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясына (Кыргыз Республикасынын Президентинин2024-жылдын 5-апрелиндеги ПЖ № 90 Жарлыгы) ылайык:

- Мамлекеттик кызматтарды толук автоматташтыруу, жарандардын катышуусусуз жана колдо кагаз иштетүүсүз, арыз берүү, жардам дайындоо жана мамлекеттик каржылоону алуучуларды эсепке алуу процесстерин электрондук форматка толугу менен өткөрүү.
- Маалыматтык системалардын ортосунда (анын ичинде Мамлекеттик салык кызматы, Социалдык фонд жана Ветеринария кызматынын базалары) маалыматтарды автоматтык түрдө түз алмашууну камсыз кылуу үчүн ведомстволук модулдарды (анын ичинде «Социалдык контракт» МС) «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын туташтыруу.
- Социалдык программалардын натыйжалуулугун мониторинг жүргүзүүдө бенефициарлардын кагаз түрүндөгү отчетторуна жана оозеки билдирүүлөрүнө эмес, мамлекеттик реестрлерден алынган ыкчам, объективдүү маалыматтарды (кирешелер, салык төлөмдөрү, малдын саны) автоматтык түрдө талдоого таянышы керек.

Ысык-Көл областынын Ак-Суу райондук Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют башкармалыгынын 2026-жылдын 11-июнундагы №01-4/190 катынын негизинде, жаныбарларды идентификациялоо жана

көзөмөлдөө системасында (ЖИКС), программанын катышуучуларынын атына катталган мал жандыктарды анализдөө учурунда, ири мүйүздүү малдын 88,6% системада катталбагандыгы аныкталды. Анализдөө үчүн, 2023-2024-жылдары социалдык контракттын негизинде алынган ири мүйүздүү малдын жалпы саны азыркы учурда 634 дааналы түзөт (башкармалыктын мониторинги боюнча), анын ичинен системада 72 ири мүйүздүү мал катталган, же болбосо 11,36% гана түзөт. Натыйжада, 562 баш ири мүйүздүү мал жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасында катталбагандыгы аныкталды.

Ош, Чүй, Талас облустары боюнча Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасынын сайтына ылайык бирка номуру менен уй башка жаранга катталган аныкталган. Социалдык контракт алгандан кийин сатып алынган мал жандыктары Ветеринардык кызмат тарабынан малды идентификациялоо жана көзөмөлдөө тутумуна катталган жана киргизилип, эсепке алынган, бирок жаңы туулган малдарды каттоо жүргүзүлгөн эмес.

Мамлекеттик салык кызматынын Жети-Өгүз району боюнча башкармалыгынын, 2023-2024-жылдары социалдык контракт программасынын катышуучуларынын Мамлекеттик салык кызматында толук катталбагандыгы аныкталды. 2023-жылы социалдык контракт алуучулардын саны 161 киши болсо, салык кызматына болгону ишкер же жеке ишкер болуп каттоодон өткөнү 7 киши, же болбосо 4,3% гана түзөт. 2024-жылы социалдык контракт алуучулардын саны 380 киши болсо, салык кызматына болгону ишкер же жеке ишкер болуп каттоодон өткөнү 14 киши же 3,6% социалдык контракт алуучудан. Жалпы 541 социалдык контракт алуучу болсо, 31 (5,7 %) киши каттоодон өткөн.

Мамлекеттик салык кызматынын Ат-Башы району боюнча башкармалыгынын, 2023-2024-жылдары социалдык контракт долбоорунун катышуучулары, ишкер жана жеке ишкер катары каттоодо тургандыгы жөнүндө 2026-жылдын 30-июнун №01-09/613 каты менен берилген маалыматын анализдөөнүн жыйынтыгында 2023-жылы социалдык контракт алуучулардын саны 145 киши болсо, салык кызматына ишкер же жеке ишкер болуп каттоодон өткөнү 44 киши же 30,3%, 2024-жылы социалдык контракт алуучулардын саны 326 киши болсо, салык кызматына ишкер же жеке ишкер болуп каттоодон өткөнү 91 киши же 27,9%. Жалпы 471 социалдык контракт алуучу болсо, каттоодон 135 киши өттү же 41,4%.

Ошондой эле, Ат-Башы районунун Социалдык фонд башкармалыгынын 2026-жылдын 29-июнундагы №01-04/335 катына ылайык, 2023-жылы социалдык контракт алуучулардын ичинен ишкерлердин саны 17 киши болсо, Социалдык фонд кызматына болгону ишкер болуп каттоодон өткөнү 2 киши же 11,7% каттоодон өткөн. 2024-жылы социалдык контракт алуучулардын ичинен ишкерлердин саны 40 киши болсо, Социалдык фонд кызматына болгону ишкер болуп каттоодон өткөнү 13 киши же 32,5%. Жалпы 57 социалдык контракт алуучу болсо, 15 (26,3%) катышуучу каттоодон өткөн.

Жүргүзүлгөн аудит көрсөткөндөй, «Социалдык контракт» маалымат системасы (модулу) азыркы учурга чейин ишке киргизилген эмес жана программанын негизги бизнес-процесстерин автоматташтыруу камсыз кылынган эмес.

Системанын Мамлекеттик салык кызматы, Социалдык фонд, Ветеринария кызматы менен «Түндүк» СМЭВ аркылуу интеграцияланбагандыгы, ошондой эле, онлайн-мониторинг жана онлайн-арыз берүү процесстерин автоматташтыруу камсыз кылынбагандыгы кызматкерлерге ашыкча жүктөм жаратып, мониторингди формалдуу мүнөзгө алып келген.

Бул жагдай мамлекеттик орган тарабынан программанын акыркы натыйжалуулугун (үй-бүлөлөрдү жакырчылыктан чыгаруу деңгээлин) объективдүү баалоого мүмкүндүк бербей, бөлүнүп жаткан бюджеттик каражаттардын натыйжалуулугун тобокелдигин жогорулатат.

## 4.4. Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды пайдаланууну талдоо

*7-таблица. Социалдык контракт программасын республикалык бюджеттен каржылоо (сом)*

| | Област/шаар | Республикалык бюджеттен каржылоо | |
|---|---|---|---|
| | | **2023** | **2024** |
| 1 | Баткен | 109 700 000,0 | 244 200 000,0 |
| 2 | Жалал-Абад | 340 700 000,0 | 634 599 500,0 |
| 3 | Ысык-Көл | 79 400 000,0 | 102 000 000,0 |
| 4 | Нарын | 58 700 000,0 | 116 000 000,0 |
| 5 | Талас | 61 000 000,0 | 110 000 000,0 |
| 6 | Чүй | 62 900 000,0 | 85 300 000,0 |
| 7 | Ош | 261 200 000,0 | 607 621 000,0 |
| 8 | Ош шаары | 16 000 000,0 | 28 492 000,0 |
| 9 | Бишкек шаары | 10 400 000,0 | 14 300,0 |
| | **Жалпы сумма** | **1 000 000 000,0** | **1 942 512 500,0** |

Бюджеттик каражаттарды түздөн-түз жумшоо бөлүгүндө төмөнкү фактылардан сырткары, укук бузуулар же каражаттарды максатсыз пайдалануу (уурдоо, башка жеке муктаждыктарга жумшоо) фактылары катталган эмес. Бөлүнгөн 100,0 миң сомдук гранттык каражаттар узак мөөнөттүү активдерди (мал, тигүү жабдуулары, курулуш материалдары) сатып алууга багытталган.

Баткен областынын Баткен районунун бир жаранына төлөнгөн 100,0 миң сом социалдык жардам боюнча, Баткен областынын Кадамжай районунун 4 жаранына негизсиз төлөнгөн 94,6 миң сом үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулу жана 400,0 миң сом социалдык жардам, Ош областынын Ноокат районунун 2 жаранына негизсиз төлөнгөн 38,4 миң сом үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулу жана 100,0 миң сом социалдык жардам, Жалал-Абад областынын Аксы районунун 4 жаранына 31,2 миң сом үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулу негизсиз төлөнгөн фактылары аныкталган (1-тиркеме).

Маалымат иретинде, 2025-жылы КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети, КР Башкы прокуратурасы тарабынан социалдык контракттын алкагында катышуучуларга акча каражаттарын которууга байланыштуу текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Ошондой эле, КР Финансы министрлигинин Ички аудити тарабынан “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулу боюнча тиешелүү текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

# 5. КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

## 5.1. Корутундулар

- Социалдык контракт программасынын максаттары толук өлчөнө турган натыйжа көрсөткүчтөрү менен камсыздалган эмес.
- Бюджеттик каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун баалоодо, негизги басым катышуучулардын жана долбоорлордун санына гана жасалып, үй-бүлөлөрдүн кирешесинин өсүшү жана жакырчылыктан чыгышы жетиштүү деңгээлде бааланбайт.
- Социалдык контракт натыйжаларынын туруктуулугуна системалуу мониторинг жүргүзүү механизми жетишсиз. Долбоор ишке ашырылгандан кийинки киреше, ишкердиктин улантылышы жана жумуш орундарынын сакталышы толук көзөмөлдөнбөйт.
- Катышуучуларды тандоо, долбоорлорду баалоо жана кийинки коштоо механизмдерин өркүндөтүү зарыл.
- Региондор жана ишмердиктин багыттары боюнча программанын натыйжалуулугу бирдей эмес, бул бюджеттик колдоонун натыйжалуулугуна тобокелдик жаратат.
- Мониторинг жана контролдоо каражаттардын максаттуу пайдаланылышына көбүрөөк багытталып, программанын акыркы социалдык натыйжаларын баалоо жетишсиз жүргүзүлүүдө.
- Программан үй-бүлөлөрдүн экономикалык активдүүлүгүн жогорулатууга оң таасирин берген. Бирок программанын негизги максаты болгон жакырчылыктан туруктуу чыгуу жана жетиштүү киреше деңгээлине жетүү толук камсыздалган эмес.
- Катышуучулардын орточо кирешеси 1 600 сомду түзүп, жашоо минимумунан кыйла төмөн бойдон калган. Активдердин 73,3% пайызы киреше алып келүүчү ишмердүүлүктө колдонууда болгондугуна карабай катышуучулардын 36 % кирешеси 1 200 сомдон төмөн болгон.
- Социалдык контракт программасын ишке ашыруу механизми жалпысынан бекитилген Жобого ылайык ишке ашырылып жаткандыгы аныкталды. Ошону менен бирге, программанын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бизнес-пландарды даярдоо, катышуучуларды тандоо, мониторинг жана баалоо жүргүзүү, маалыматтык системаларды өнүктүрүү, ошондой эле катышуучуларды окутуу жана консультациялык колдоо механизмдерин өркүндөтүү талап кылынат.
- Социалдык контракт программасынын катышуучулары үчүн салыктык эсепке алуу, Социалдык фонд менен иштешүү жана уруксат кагаздарын алуу тартиптери боюнча консультациялык колдоону камсыз кылуу талап кылынат.

## 5.2. Сунуштамалар

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Укуктук актыларды социалдык контракт программасынын акыркы натыйжалуулугун өлчөөчү көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) киргизүү жана жакырчылыктан чыгуу деңгээлин баалоо механизмдерин иштеп чыгуу.

2. Катышуучулардын кирешелерин жана жакырчылыктан чыгуу деңгээлин баалоого багытталган жаңы мониторинг жана баалоо методикасын иштеп чыгуу.

3. Социалдык контракттын натыйжалуулугун жогорулатуу стратегиясын иштеп чыгуу, анда мамлекеттик бюджеттин учурдагы мүмкүнчүлүктөрүн жана каражаттардын жеткиликтүүлүгүн эске алуу менен:

- Социалдык контракттын катышуучуларына «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун төлөөнү токтотуу же улантуу механизмин кайра карап чыгуу. Үч айлык мөөнөт аяктагандан кийин үй-бүлөнүн реалдуу кирешесин жана муктаждык деңгээлин милдеттүү түрдө кайра баалоонун негизинде чечим кабыл алуу тутумун киргизүү.
- Учурдагы инфляциялык процесстерди жана бюджеттик каражаттардын жеткиликтүүлүгүн эске алуу менен, социалдык контракттын каржылоо суммасын этап-этабы менен көбөйтүү механизмин иштеп чыгуу. Мында бизнес багытына, баштапкы инвестициялардын зарыл көлөмүнө, өзүн-өзү актоо мөөнөтүнө жана туруктуу киреше түзүү потенциалына жараша социалдык контракттын суммасын ар кандай өлчөмүн белгилөө, ошондой эле каржылоонун тиешелүү критерийлерин жана диапазондорун белгилөөнү караштыруу зарыл.
- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан бекитилген иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлин жана айына бир адамга жашоо минимумун эске алуу менен жөлөкпулдун чегин (кепилденген минималдуу киреше) кайра карап чыгуу.
- Социалдык контракт программасына катышууга укуктуу адамдардын чөйрөсүн кеңейтүү, аны мамлекеттик жөлөкпулдарды алуучуларга гана эмес, ошондой эле жан башына кирешеси белгиленген жашоо минимумунан төмөн болгон башка аз камсыз болгон үй-бүлөлөр менен да түзүүгө мүмкүндүк берүү, эгерде аларда жумушка орношуу, ишкердик же башка киреше алып келүүчү иш-аракеттерди жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болсо.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 "Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө" жобосу жана Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү боюнча методикалык көрсөтмөнүн талаптарын толук көлөмдө жана сапаттуу аткарууну камсыз кылуу. Жооптуу кызматкерлерге белгиленген талаптарды жана мөөнөттөрдү так сактоо, аткарылган иштерди тиешелүү тартипте документтештирүү:

- Мониторингди толук, өз убагында жана талаптарды так сактоо менен жүргүзүү.
- Социалдык контракттар боюнча сатып алуулардагы чыгымдардын негиздүүлүгүнө, максаттуу колдонулушуна жана документтик далилдерине көзөмөлдү күчөтүү.

- Ийгиликтүү долбоорлорду жана бенефициарлардын тажрыйбасын жайылтуу жана өнүктүрүүгө колдоо берүү.
- Социалдык контрактка талапкерлерди тандоодо мүлктүк абалын санариптик текшерүү аркылуу жардамды чындап муктаж үй-бүлөлөргө багыттоо.

5. Борборлоштурулуп белгиленген квоталык бөлүштүрүү ыкмасын кайра карап чыгуу.
6. Социалдык контракттын катышуучуларынын сүт жана эт багытындагы малды сатып алууга каражат бөлүү укугун калыбына келтирүү маселесин кайра карап чыгуу жана сунуш киргизүү.
7. Үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулдарын жана социалдык жардамдарды тиешелүү мыйзамдарда белгиленген талаптарга ылайык чегерүү жана берүү камсыз кылынсын. Негизсиз төлөнгөн каражаттар боюнча мыйзамда белгиленген тартипте чаралар көрүлсүн (1-тиркеме).

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

**Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан маселелерди биргелешип кароо боюнча:**

1. Социалдык контракттын катышуучуларын коштоону жана колдоону күчөтүү. Катышуучуларга бизнести жүргүзүүдө кошумча консультациялык, маалыматтык жана башка колдоо көрсөтүү механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.
2. Социалдык контракттын катышуучуларынын үй-бүлөлөрүнө колдоо көрсөтүү максатында, алардын балдарын мектепке чейинки билим берүү уюмдарына (бала бакчаларга) жана жалпы билим берүүчү мектептерге жайгаштырууга көмөк көрсөтүү.
3. Социалдык контракттын катышуучуларын тандоо жана аларды коштоо процессинин сапатын жогорулатуу максатында комиссиянын курамына бизнес-пландарды иштеп чыгуу жана баалоо боюнча тиешелүү билимге жана тажрыйбага ээ адистерди киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу жана социалдык контракттын катышуучуларына бизнес-пландарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча консультациялык коштоо көрсөтүүнү камсыз кылуу.
4. Социалдык контрактты жүргүзгөн адистердин ашыкча жүктөмүн оптималдаштыруу жана алардын аймактарга чыгып, катышуучулардын ишмердигине жеринде мониторинг жана коштоо жүргүзүүсү үчүн зарыл транспорттук-логистикалык шарттар менен камсыз кылуу чараларын көрүү.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Президентинин**

**иш башкармалыгына караштуу “Кызмат” мамлекеттик мекемеси (мурдагы “Түндүк” ААКсы) тарабынан маселелерди биргелешип кароо боюнча:**

1. “Социалдык контракт” маалымат системасын (модулун) ишке киргизүү жана башка маалымат системалары менен интеграциялоону тездетүү.

2. Арыздарды кабыл алуу процессин “Түндүк” Мамлекеттик ведомстволор аралык электрондук системасы аркылуу кагазсыз санариптик форматына өткөрүү.

3. Мамлекеттик маалыматтык реестрлерден алынган электрондук маалыматтарды колдонуу менен катышуучулардын кирешелерин, ишкердик ишмердигинин натыйжалуулугун жана тобокелдиктерин автоматтык түрдө талдоого мүмкүндүк берген санариптик мониторинг системасын киргизүү.

4. Катышуучуларга консультациялык колдоо көрсөтүү үчүн ЖИ-ассистенттерди (чат-ботторду) колдонуу.

5. Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасына (ЖИКС) туташтыруу аркылуу ведомстволор аралык маалымат алмашууну уюштуруу.

**Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги тарабынан маселелерди биргелешип кароо боюнча:**

1. Социалдык контракттын катышуучуларын колдоо боюнча ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүну камсыз кылуу:

- Социалдык контракттын катышуучуларына Мамлекеттик салык кызматында жана Социалдык фонддо өз убагында каттоого көмөк көрсөтүү. Катышуучуларды жеңилдетилген жана жөнөкөйлөтүлгөн салык режимдерин колдонуу мүмкүндүктөрүн камсыз кылуу;

- “Ишкер” ишкердикти колдоо борборлору аркылуу бизнес-пландарды даярдоо жана баалоо боюнча консультациялык жардам көрсөтүү. 3 жыл ичинде катышуучуларды бизнес алып баруу, салык органдарында каттоо боюнча колдоо көрсөтүү механизмдерин киргизүү;
- Ишкердиктин багыттарына (соода, айыл чарбасы, тигүүчүлүк ж.б.) жараша дифференциацияланган окутуу программаларын иштеп чыгуу;
- Социалдык контрактка катышкан бир нече үй-бүлөнү биргелешип иш алып барууга тартуу жана алардын ресурстарын бириктирүү аркылуу ири долбоорлорду ишке ашырып, чакан бизнести өнүктүрүү боюнча чараларды көрүү.
- Социалдык контракттын катышуучулары үчүн региондордун экономикалык өзгөчөлүктөрүн жана кластердик өнүктүрүү боюнча

мыйзамдардын жоболорун эске алуу менен ишкердик ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо механизмин иштеп чыгуу.

- Мал багытындагы катышуучуларды коштоону жүргүзүү. Райондук ветеринарлар тарабынан социалдык контракт боюнча алынган малдын клиникалык абалына ветеринардык көзөмөлдү жана мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу. Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасы аркылуу (ЖИКС) жүргүзүү. Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасына (ЖИКС) туташтыруу аркылуу ведомстволор аралык маалымат алмашууну уюштуруу.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын территориалдык башкармалыктарында 2023-2024-жылдар аралыгына карата социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүүгө жүргүзүлгөн натыйжалуулук аудити Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору З.А. Сатаевдин жетекчилигинде, мамлекеттик инспекторлор Б.А.Токтасунова, А.Д. Рустенбекова, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмдөрүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **З.А. Сатаев**